USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# 4-модуль

## Шар окуу

## МАЗМУНУ


1. Киришүү 3

2. Шар окуу деген эмне? 4

3. Шар окуунун компоненттери 5

3.1. Туура окуу 5

3.2. Окуу ылдамдыгы 6

3.3. Көркөм окуу 7

3.4. Тыныш белгилерине көңүл коюп окуу – көркөм окуунун ажырагыс элементи 9

4. Окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлине ылайык тексттерди/китептерди окуу 10

5. Шар окуу көндүмүн баалоо 11

6. Шар окуу көндүмүнө үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр 35

7. Пайдаланылган адабияттар 69

# 1. КИРИШҮҮ

Шар окуу – бул окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык, тыныш белгилерине көңүл буруу менен туура (катасыз), көркөм, ылдам окуусу. Шар окуу чечмелеп окуу (тыбыштарды аныктоо, аларды тамга менен байланыштыруу, муундарды кошуу, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү түзүү) менен окуганын түшүнүүнүн ортосундагы көпүрө болуп саналат. Шар, экспрессивдүү жана тексттин маанисин чагылдырып окуу окуучунун окуганын түшүнгөндүгүнүн айкын белгиси болуп эсептелет.

Шар окуу окуу техникасын гана эмес, төмөнкүлөрдү дагы камтыйт:

- «Сөз байлыгы» модулунда берилген түрдүү стратегияларды колдонуп, сөздүн маанисин автоматтык түрдө аныктап таануу;
- буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын колдонуп, көмүскөдөгү маанилерди ачып, окуганын түшүнүү («Окуганын түшүнүү» модулун кара);
- көңүлүн тексттин мазмунун түшүнүүгө буруп, кыйналбай, эркин окуу.

Окуучулар шар окуу көндүмүн ийгиликтүү өздөштүрүүлөрү үчүн сабак учурунда окуу формаларына көңүл буруу зарыл (1-таблица «Окуу формалары»).

**1-таблица. Окуу формалары**

| Окуу формалары | Баяндоо |
|---|---|
| Үлгүлүү окуу | Үлгүлүү окуу – бул мугалимдин текстти үн чыгарып, көркөмдөп жана эмоционалдуу окуусу. Үлгүлүү окуу айрым сөздөрдү жана жалпы текстти түшүнүүгө, божомолдоого жана тексттин бөлүктөрүн өз ара байланыштырууга тиешелүү суроолор менен коштолуусу мүмкүн. Окуучулар активдүү угушат жана текстти кайра окушат, талкууларга катышышат, тексттеги окуяны элестетип божомолдошот. |
| Биргелешип окуу | Биргелешип окуу мугалим менен окуучулардын чечмелеп окуу стратегияларын, сөздөрдүн маанилерин жана окуган текстти түшүнүү көндүмдөрүн колдонуу аркылуу тексттин үстүндө биргелешип иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Окуунун бул формасынын алкагында мугалим окуучуларды «жетелеп», текстти окууга тартат, ал эми окуучулар текст менен жакыныраак таанышкан сайын окуу процессине көбүрөөк катышышат. Окуунун бул формасы окуучунун өзүнө болгон ишенимин жана окууга кызыгуусун арттырат. |
| Башкарып окуу | Башкарып окуу текст кантип окула тургандыгын жана кандай окуу стратегиялары колдонуларын талкуулап, окуучулардын текстти аңдап түшүнүп окууга кызыгуусун арттырат. |
| Өз алдынча окуу | Өз алдынча окуу тандалып алынган текстти өздөштүрүлгөн окуу стратегияларын колдонуу менен окуучулардын өз алдынча окуусун билдирет. Окуучуларды үн чыгарып окууга үйрөтүү маанилүү, андан кийин акырындык менен купуя же «ичинен» окууга өтүү тийиш. |

Окуунун бир формасынан экинчи формасына өтүү окуу техникасын өркүндөтөт, окуучулар шар окуу көндүмүнө ээ болушат жана ошого жараша окуганын түшүнүүсү артат.

Бул модулдун материалдарын өздөштүрүүнүн натыйжасында катышуучулар:

- шар окуу жана анын компоненттери боюнча түшүнүктөрүн арттырышат;
- шар окууга үйрөтүүнүн стратегияларын колдонушат.

> Шар окуу бирден бир максат эмес, ал – окуганын түшүнүүнүн куралы болуп эсептелет. Шар окуунун жардамы менен окуучулар окуудагы жетишкендиктерин жогорулатышат.

## 2. «ШАР ОКУУ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Шар окуу – толук кандуу окуу менен окуганын түшүнүүнү калыптандыруучу эң маанилүү көндүмдөрдүн бири.

«Шар окуу автоматизмди (ылдам жана катасыз окуу жөндөмүн), экспрессияны (сөздөрдү фразаларга бириктирүү, тексттин маани-маңызын берүү, маанилүү сөздөрдү үн менен белгилөө, интонацияны колдонуу жөндөмүн) жана окуганын түшүнүүнү билдирет. Текстти көркөм окуу үчүн бала эмнени окуп жатканын түшүнүүсү, чыгарманын стилин, тонун, маанайын аныктоосу, кайсы сөздөргө өзгөчө басым коюларын билүүсү зарыл. Шар окуу – интонациянын жардамы менен тексттин маани-маңызын чагылдырып окуу». (Шар окуу боюнча 1-схеманы караңыз).




*1-схема. Шар окуу*

# 3. ШАР ОКУУНУН КОМПОНЕНТТЕРИ

## 3.1. ТУУРА ОКУУ

Туура окуу – бул окуп жаткан тексттин маанисине таасирин тийгизе турган (тамгаларды, сөздөрдү так эмес айтуу сыяктуу) бурмалоосуз бир калыпта окуу. Туура окууга терс таасирин тийгизген көп кездешүүчү каталар 2-таблицада берилди.

**2-таблица. Туура окууга таасирин тийгизген каталар**

| Каталар | Түшүндүрүү | Каталардын болжолдуу себептери |
|---|---|---|
| Тыбыш-тамгалык курамдын бурмаланышы | Тамгаларды, муундарды, сөздөрдү жана саптарды калтырып кетүү.<br><br>Тамгалардын, муундардын, сөздөрдүн ордуларын алмаштыруу.<br><br>Муундарга, сөздөргө тиешеси жок элементтерди аралаштыруу (кошуу).<br><br>Бир окуу бирдигин башкасы менен алмаштыруу. | • Тамгаларды толук тааныбагандыгы же билбегендиги.<br>• Сөздүн маанисин билбегендиктен, сөздү калтырып кетүү.<br>• Окуучу тандап алган окуу ылдамдыгы тамгаларды, муундарды, сөздөрдү туура эмес окууга себеп болгондугу.<br>• Көрүп кабыл алуусунун толук өнүкпөй калгандыгы же көрүү өзгөчөлүктөрү (мисалы, алыстан же жакындан көрүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелүүсү, астигматизм).<br>• Кебинин өнүкпөй калгандыгы же сүйлөө өзгөчөлүктөрү (мисалы, артикуляциялык аппараттын жетишсиз ийкемдүүлүгү).<br>• Субъективдүү божомолдоо (сөздөрдү ойлоп табуу). |
| Кайталоо | Окуу бирдиктерин кайталоо:<br>– тамгаларды;<br>– муундарды;<br>– сөздөрдү;<br>– сүйлөмдөрдү. | • Эгерде окуп жатканда окуучу тамгаларды, муундарды, сөздөрдү же сүйлөмдү улам-улам кайталай берсе, анда бул окуганын түшүнүү үчүн жаңы гана окуганын оперативдик (ыкчам) эстутумунда сактап калууга умтулгандыгынан болот. Мындай учурда кайталоолорду мугалим мыйзам ченемдүү, ал тургай жагымдуу көрүнүш катары кабыл алуусу керек.<br>• Анын башка бир себеби баланын ошол сөздүн маанисин билбегендигинен болушу мүмкүн. Ошондуктан бала мурунку сөздү кайталай берет.<br>• Мындай окууга тоскоолдук кылуунун кажети жок: системалуу түрдө окутуу аркылуу бала тез арада окуган сүйлөмдү, сөздөрдү кайталабастан түшүнө баштайт.<br>• Дислексия («Тыбыштык кабыл алуу» 1-модулду караңыз).<br>• Көргөнүн гана окугандыгы (балдар учурда кайсы тамга же муунду көрүп турса, ошону гана окушат) |

| Каталар | Түшүндүрүү | Каталардын болжолдуу себептери |
|---|---|---|
| Сөздөрдүн адабий айтылыш эрежелерин бузуу | Орфоэпикалык каталар – туура эмес басым жасоо.<br>«Орфографиялык окуу» – тамгалар, муундар, сөздөр айтылышы боюнча эмес, жазууда кандай болсо, дал ошондой окуу.<br>Интонациялык каталар – туура эмес логикалык басым жасоо, тынымдын маанилик жактан орунсуз коюлушу. | • Сөздүн айтылыш эрежесин (тыбыштык талдоо көндүмдөрүнүн жетишсиз өнүккөндүгү жана тыбыштык кабыл алуунун жетишсиз деңгээлде калыптануусу) же сөздүн лексикалык маанисин билбегендиги.<br>• Окуучунун окуу очурунда туура эмес дем алуусу же анын дикциясынын начар болуусу.<br>• Ыкчам (оперативдик) эстутумунун жетишээрлик деңгээлде өнүкпөгөндүгү (сүйлөмдүн башын унутуп калат).<br>• Окуган тексттин мазмунун түшүнбөгөндүгү. Окутуу тили окуучунун эне тили болбогондуктан, ал окутуу тилин билбейт же билүү деңгээли төмөн. |

**Мугалим окуучунун туура эмес окуганынын себебин түшүнүп, каталардын үстүндө иштөөнүн методикасын билгенде гана каталарды оңдоо жана алардын алдын алуу үстүндө туура иштей алат:**

- окуучуларга түшүнүктүү жана өлчөп-ченелүүчү максаттарды коюу, максат коюуга ар бир окуучуну (үй-бүлөнү) тартуу;
- көп окуу – (окуу сабагында гана эмес) ар бир сабакта беш мүнөттүк окууну уюштуруу;
- окуу сабагына класстагы бардык окуучулардын катышуусун камсыздоо;
- сабак учурунда окуучуларга классташтарынын окуусун байкоо мүмкүнчүлүгүн берүү;
- жаңы, окулушу татаал сөздөрдү окуп, талкуулоо;
- бир эле текстти сабак учурунда бир нече жолу кайра окуу, түрдүү окуу ыкмаларын колдонуу;
- окутуунун алгачкы күнүнөн тартып ата-энелерди окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча бардык процесстерге тартуу: окуу боюнча үй тапшырмаларды аткарууда балага жардам берүү, үй-бүлөдө биргелешип окуу, сөз оюндарын ойноо, уктаардын алдында окуу.

## 3.2. ОКУУ ЫЛДАМДЫГЫ


Окуу ылдамдыгы бир мүнөттө туура окулган сөздөрдүн саны менен аныкталат. Окуу ылдамдыгын мезгил-мезгили менен өлчөө жана окуучуларга жөндөмдөрүн жогорулатуу үчүн кайтарым байланыш берүү окуу көндүмдөрүн, башкача айтканда окуу автоматизмин өркүндөтөт.

Окуунун ылдамдыгы «Окуу ылдамдыгынын ченемдери»[1] менен жөнгө салынып, үч деңгээлден турат (3-таблица. Окуу ылдамдыгынын ченемдери).

[1] Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоо (методикалык колдонмо). – Б., 2016, 14-б.







**3-таблица. Окуу ылдамдыгынын ченемдери**

| Класс | Үлгүлүү деңгээл | | Базалык деңгээл (минималдык стандарттык деңгээл) | | Төмөнкү деңгээл | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1-жарым жылдык** | **2-жарым жылдык** | **1-жарым жылдык** | **2-жарым жылдык** | **1-жарым жылдык** | **2-жарым жылдык** |
| 1 | 20 сөздөн көп | 25 сөздөн көп | 15-20 сөз | 20–25 сөз | 15 сөздөн аз | 20 сөздөн аз |
| 2 | 30 сөздөн көп | 40 сөздөн көп | 30–35 сөз | 35–40 сөз | 30 сөздөн аз | 35 сөздөн аз |
| 3 | 50 сөздөн көп | 60 сөздөн көп | 45–50 сөз | 55–60 сөз | 45 сөздөн аз | 55 сөздөн аз |
| 4 | 70 сөздөн көп | 80 сөздөн көп | 65–70 сөз | 70–80 сөз | 65 сөздөн аз | 70 сөздөн аз |

## 3.3. КӨРКӨМ ОКУУ

Көркөм окуу шар окуунун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Көркөм окуу адабий чыгарманы туура, эмоционалдуу жана аңдап-түшүнүп окууну билдирет. Дал ушундай окуу адабий материалды өздөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатып, аны аңдап-түшүнүүгө жардам берет.

Көркөм окуу сөздөрдү туура айтуу жана кеп маданияты менен байланышкан окурмандын минималдык көндүмдөрүнүн калыптануусун талап кылат. Минималдык көндүмдөргө төмөнкү компоненттер кирет: үндүн тону, үндүн күчү, ритмди колдонуу, кептин темпи (тездетүү же басаңдатуу), тыным жасоо, тондун мелодикасы (үндү катуу же акырын чыгаруу), логикалык басымдарды жасоо. Кептин жана окуунун көркөмдүгү кептин техникасына – дикцияга, туура дем алууга жана сөздөрдү туура айтууга – таянат («Көркөм окуу» боюнча 2-схеманы кара).

Логикалык басымды (тексттин маанисине ылайык) туура жана так коюу абдан маанилүү. Сүйлөмгө белгилүү жана так маани берүү үчүн эң маанилүү сөздү үндүн күчү менен белгилеп, башка сөздөрдүн арасынан бөлүп айтуу зарыл. Адатта бир сүйлөмдө бир гана сөз бөлүнүп айтылат.




Тынымдар көркөм жана психологиялык болуусу мүмкүн. Көркөм тыным – бул окурман өзгөчө маани берүүнү, өзгөчө басым коюуну каалаган сөздүн жана фразанын алдындагы пауза. Психологиялык тыным көпчүлүк учурда тексттеги көп чекит менен дал келип, жан дүйнөнүн кандайдыр бир толкундоосун билдирилет.

Интонация кеп маданиятынын бир бөлүгү болуп саналат. Ал жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдү курууда маанилүү ролду ойнойт. Ырларды жана тамсилдерди окууда интонация өзгөчө мааниге ээ.

*2-схема. Көркөм окуу*

## 3.4. ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНЕ КӨҢҮЛ КОЮП ОКУУ – КӨРКӨМ ОКУУНУН АЖЫРАГЫС ЭЛЕМЕНТИ

Окуучулардын текстти көркөм окууга үйрөтүү үчүн тыныш белгилерине көңүл коюп окуу жөндөмүн калыптандыруу зарыл.

А. П. Чехов: «Тыныш белгилери – бул «окуудагы ноталар», – деп айткан. Музыкант үчүн ноталар кандай кызмат аткарса, тыныш белгилери окурман үчүн дал ошондой кызмат кылат. Тыныш белгилери аркылуу жазылган тексттин мааниси ачылып-түшүндүрүлөт, автордун эмоцияларын билүү, чыгарманын жанрын жана анын максатын аныктоо мүмкүн болот.

«Чындыгында, бул белгилерди (кыска жана узун) тынымдардын жана (катуу же катуу эмес) басымдардын жардамы менен чагылдырса болот. Тыныш белгилери текстти түшүнүп, өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Алар үч: ***маанилик, грамматикалык*** жана ***интонациялык*** функцияны аткарат. Тыныш белгилери кепти эмоционалдуу, так, түшүнүктүү жана жандуу кылат. Ырдоодо ноталар үндүн күчүн белгилеп, ырдын мелодиясын аныктаса, тыныш белгилери (чекит, тире, үтүр, суроо жана илеп белгилери, ж. б.) окууда үндү катуу чыгаруу же басаңдатуу, тыным жасоо аркылуу угуучуну кызыктырууга жол ачат, башкача айтканда, кепти жагымдуу, мелодиялуу жана кооз кылат. Ошол эле учурда, маанилик жана грамматикалык функцияларды аткарат»[1].

«Тыныш белгилерине көңүл коюп окуу – алардын жардамы менен тексттин маанисин (автордун идеясына ылайык) туура түшүнүүнү билдирип, ошонун негизинде туура жана так, көркөм жана тиешелүү интонация менен окууну түшүндүрөт»[2].

**Тыныш белгилери** – бул тилдин жалпы графикалык системасынын өзгөчө бөлүгүн түзгөн белгилер. Тыныш белгилери кепти маанилик бөлүктөргө бөлүүгө, анын синтаксистик түзүлүшүн жана интонациялык жагын аныктоого жардам берет[3].



[1] Белогорцева М. А., Мусиева Э. Б. Выразительное «чтение» знаков препинания как важнейший принцип методики обучения пунктуации//Вестник Иссык-Кульского университета. – № 36. – 2013. – 212–215-б.
[2] Ошол эле жерде.
[3] TextoLogia. ru// http://www.textologia.ru/slovari/lingvisticheskie-terminy/znaki-prepinaniya/?q=486&n=604

# 4. ОКУУЧУЛАРДЫН ШАР ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮНҮН ӨНҮГҮҮ ДЕҢГЭЭЛИНЕ ЫЛАЙЫК ТЕКСТТЕРДИ/ КИТЕПТЕРДИ ОКУУ

Шар окуу такай окуп-машыгуунун натыйжасында калыптанат. Окуучуларга курагына жана классына (1–4-класстарга) ылайык, сөздөрдүн көбү тааныш жана оңой чечмеленген тексттерди сунуштоо керек. Башкача айтканда, окуучуларга сунушталган текст алардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлдерине туура келүүсү абзел.

Текст окуучулар үчүн татаал болсо, чечмелөөгө көп күч жумшашып, шар окуу көндүмүн өнүктүрүүгө жетиштүү көңүл бурушпайт. Окуу сабагында аңгеме, жомок, тамсил, уламыш, миф, ыр жана илимий-популярдуу адабияттар сыяктуу түрдүү окуу материалдарын колдонуу сунушталат. Ыр формасындагы чыгармалар абдан ыңгайлуу келет, анткени алар көп учурда кыска, рифмаланган, ритмдүү, көркөм, окууганга оңой жана балдар үчүн жеңил тилде жазылат.

### Окуу материалдарын классификациялоо

Окуу материалдарын татаалдык деңгээлине жараша классификациялоо окуучулардын бардыгын теңдештирүүнү жокко чыгарып, ар бир окуучуга тиешелүү көндүмдөрдү өзүнүн окуу ылдамдыгына жана деңгээлине жараша өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Долбоордун алкагында китептерди/тексттерди классификациялоо үчүн иштелип чыккан критерийлер окуу материалдарынын татаалдыгын аныктоого жардам берет. Ошону менен бирге, мугалимдер бул критерийлерди колдонуп, ар бир окуучунун окурмандык деңгээлине ылайык окуу материалдарын тандай алат. Татаалдыгына жараша классификацияланган китептерди колдонуу мугалимге окуучунун жөндөмдөрүнүн өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү, анын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуганды үйрөтүү мүмкүнчүлүгүн берет.



# 5. ШАР ОКУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, шар окуунун компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

- туура окуу;
- окуу ылдамдыгы (темпи);
- көркөм окуу;
- тыныш белгилерине көңүл коюп окуу.

Педагогикалык булактарда *окуганын түшүнүү* шар окуунун компоненттеринин бири катары каралат, ошондуктан бул колдонмонун «Окуганын түшүнүү көндүмдөрүн баалоо» бөлүмүндө берилген тексттерди шар окууну өлчөө үчүн шкала да берилген. Бул тексттерди бир эле учурда шар окууну да, окуганын түшүнүүнү да баалоодо колдонууга болот. Ошентсе да, бул бөлүмдө жогоруда белгиленген шар окуунун гана төрт компонентин баалоо тууралуу сөз болот.

Шар окууну текшерүү үчүн тексттерди мугалим өзү оңой тандай алат. Тексттерге карата негизги талаптар:

1. Тексттин татаалдыгы окуучунун окурмандык деңгээлине ылайык болуусу тийиш.
2. Текст кыз балдар үчүн да, эркек балдар үчүн да бирдей кызыктуу болууга тийиш.
3. 1–2-класстарда шар окууну текшерүү үчүн тандалган тексттерде бейтааныш сөздөр болбошу керек, ал эми 3–4-класстарда тексттеги 100 сөздүн ичинен 1–2 сөз гана бейтааныш болууга тийиш.

**Шар окуу көндүмүн баалоонун негизги принциптери:**

1. Баалоо ар бир окуучу менен жекече өткөрүлөт.
2. Баалоонун алдында мугалим окуучуларга баалоонун максаты жана анын натыйжалары кандайча колдонулары тууралуу айтып берүүсү зарыл. Калыптандыруучу баалоону өткөрүүдө окуучуларга бул баалоонун алардын бааларына эч кандай таасири тийбей турганын, болгону гана окуганды үйрөнүүдө окуучу кандай кыйынчылыктарга туш болгондугун аныктап, ал кыйынчылыктарды жоюуда жардам берилерин түшүндүрүү зарыл.
3. Окуучу текстти окуп баштаганда, мугалим аны токтотпой, окугандыгы жөнүндө ой-пикирин айтпай турушу тийиш. Окуучунун ордуна ал окуй албай жаткан сөздү айтып жардам берүүгө, колдоо иретинде башты ийкеп же тескерисинче, бала кыйналып окуп жатса, башты чайкоого болбойт.
4. Эгерде окуу үчүн бөлүнгөн убакыт бүтүп, ал эми окуучу текстти окуп бүтпөй калса, мугалим окуучуну токтотпошу керек. Мугалим өзүндөгү тексттин көчүрмөсүнө окуучу бөлүнгөн убакытта кайсы сөзгө чейин окугандыгын белгилеп, окуучуга текстти аягына чейин окууга мүмкүнчүлүк берүүсү абзел. Антпесе, окуучуда тапшырманы аткара албай калдым деген сезим пайда болуп, окууга болгон кызыгуусуна терс таасирин тийгизет. Муну окуучу текстти өтө кыйналып окуп, окуу процесси балада ыңгайсыздыкты жараткан учурда гана колдонбоо сунушталат.
5. Калыптандыруучу баалоодо, окуучу текстти аягына чейин окуп бүткөндөн кийин мугалим анын жетишкен натыйжалары менен бөлүшүп, окуучу менен жетишкендиктерди кантип жогорулатуу тууралуу талкуулайт.

Эл аралык тажрыйбада шар окууну баалоо үчүн эки шкала колдонулат:

1) бир мүнөт ичинде окулган сөздөрдүн саны;

2) бир текстти окууга кеткен убакыт.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде биринчи шкала колдонулат, ал башталгыч мектептер үчүн иштелип чыккан стандарттарда дагы чагылдырган. Экинчи шкала көбүрөөк калыптандыруучу баалоонун куралы катары колдонулат. Ошондой эле экинчи шакаланы окуучу бир эле тексттин негизинде өзүнүн шар окуу көндүмүнүн өнүккөнүнө байкоо жүргүзүү куралы катары колдоно алат. Ал үчүн бир эле текст көп жолу окулат. Өзүнүн жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү окуучуну шыктандырат, анткени ал өзү менен өзү мелдешип жаткандай кабыл алат.

> Бир эле текстти кайрадан окуу туура жана тиешелүү ылдамдыкта окуу жөндөмүн өркүндөтөт. Кайрадан окуунун дагы бир пайдасы – окуучулар тексттеги сөздөрдү бир нече жолу кайталап окугандыктан, ал сөздөр окуучунун туруктуу лексиконуна кирип калат. Кайталап окуу үчүн тандалган тексттер окуучулардын окурмандык деңгээлине туура келүүсү зарыл.

Төмөндө окурмандык компетенттүүлүктүн ар түрдүү деңгээлдери үчүн тексттер берилген. Аларды мугалим окуучулардын шар окуу көндүмдөрүн баалоодо колдоно алат. Бул тексттердеги сөздөрдүн саны стандартта көрсөтүлгөн нормадан ашат. Бул болсо окурмандык деңгээли стандарттагы нормалардан жогору болгон окуучулардын окуу ылдамдыгын баалоо мүмкүнчүлүгүн берет. Ар бир тексттин башында баалоо үчүн колдонууга сунушталган шкаланын номери көрсөтүлгөн:

**1-шкала** – 1 мүнөттө туура окулган сөздөрдүн саны;

**2-шкала** – текстти окууга кеткен убакыт[1].

Текст эки вариантта: мугалим жана окуучу үчүн берилет. Мугалим каалаган текстти каалаган шкалага карата колдонуусу үчүн мугалимге арналган тексттин варантында сөздөр номерленген.

Башка барактарда ошол эле тексттер сөздөрү номерленбестен берилет.

4-таблицада окуу ылдамдыгынын ченемдери берилген.

**Окуучулар төмөнкү деңгээлде окуса, мугалим эмне кылуусу керек?**

- Окуучунун кыйналып окуганынын себебин аныктоо: алфавитти толук билбегендиги, чечмелеп окуу жөндөмүнүн жетишсиз калыптануусу, сөз байлыгынын тардыгы, окуучунун көңүл бурбагандыгы, туура окууга эмес ылдам окууга умтулгандыгы.
- Окуучу менен бирге эмнелер жакшы болуп, эмнелерди өзгөртүү керек экендигин талдоо.
- Окуучу китеп окууда туш болгон кыйынчылыктарга жараша көнүгүүлөрдү жана стратегияларды сунуштоо. Окуучунун ата-энесине толук кайтарым байланыш берүү. Биргелешип окуу учурунда эмнелерге көңүл бурулуусу керектигин айтуу. Аларга үйдө бала менен чогуу көбүрөөк окууну сунуштоо.

[1] 2-шкалага сунушталган текст 1-шкалага сунушталган тексттен узунураак, анткени окуучуларга бул тексттерди окуу үчүн убакыт чектөөсү жок.

**4-таблица. Окуу ылдамдыгынын ченемдери**

| Классы | Үлгүлүү деңгээл | | Базалык деңгээл | | Төмөнкү деңгээл | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык |
| 1 | 20 сөздөн ашык | 25 сөздөн ашык | 15–20 сөз | 20–25 сөз | 15 сөздөн аз | 20 сөздөн аз |
| 2 | 35 сөздөн ашык | 40 сөздөн ашык | 30–35 сөз | 35–40 сөз | 30 сөздөн аз | 35 сөздөн аз |
| 3 | 50 сөздөн ашык | 60 сөздөн ашык | 45–50 сөз | 55–60 сөз | 45 сөздөн аз | 55 сөздөн аз |
| 4 | 70 сөздөн ашык | 80 сөздөн ашык | 65–70 сөз | 70–80 сөз | 65 сөздөн аз | 70 сөздөн аз |

## ШАР ОКУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО ҮЧҮН ТЕКСТТЕРДИН ТҮРЛӨРҮ

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 1-класс, 1-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_________________

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________________________

Апендинин күчүгү бир күнү жоголуп кетти. Жолдо ыйлап келатса, алдынан бир адам жолугуп, минтип сурады.

– Апенди, эмне мынча ыйлап келатасың?

– Кү-чү-гүм жо-го-луп кет-ти, – деп ого бетер солуктады Апенди.

– Кой, ыйлаба. Андан көрө газетага кулактандыруу бер.

– Күчүгүм газета окуганды билбейт, – деди Апенди ого бетер ыйлап.

*«Байчечекей» журналынан*

44 сөз, 7 сүйлөм

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 1-класс, 2-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:__________________

Окуучунун аты-жөнү ______________________________________________________________

| |
|---|
| – Тай алып бер, атаке, – деп, Абыл көптөн бери атасына айтып жүрчү эле. Абылдын сөзүнө атасы көп кулак салбай жүрдү.<br>Бир күнү тай минип жүргөн балдарды көрүп, Абылдын ичи кызыды.<br>– Тай алып бер! – деп, атасына асыла берди.<br>– Макул, балам, жаз чыксын. Сен мектептен бошогон кезде, мен тайыңды даяр кылып коёмун, – деди атасы.<br>Жаз чыгып, Абыл мектептен бошоду:<br>– Баягы тайды эмне кылдың, атаке? – деп, Абыл сурай кетти.<br>– Ал тайың даяр, талаага айдап койдум, чоңоюп калды, – деди атасы.<br>Атасынын бул сөзү Абылды ойго салды:<br>– Талаага кайдан тай өнсүн?..<br><br>*Касым Тыныстанов* |
| 83 сөз, 10 сүйлөм |

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 2-класс, 1-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:_________________

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________________________

Жаратылыш – бул бизди курчап турган дүйнө. Бирок биз дайыма эле табияттын сырларын, кооздугун байкай бербейбиз. Карачы, дүйнө кандай кооз, кандай сулуу. Килемдей төшөлгөн жапжашыл чөптөр, түркүн түстүү гүлдөр көргөн көздү кубанта, көңүлдү көтөрөт. Алардын үстүндө учкан түркүн көпөлөктөр, бал жыйнаган аарылар, жердеги курт-кумурскалар, мукам сайрап жаткан куштарчы? Ак булуттардын арасынан нурун төккөн күн, согуп турган салкын жел, көпкөк болгон асман, асман тиреген тоолор, шаркыратмалар, таштан-ташка урунуп аккан суулар – бардыгы адамды суктандырбай койбойт.

Биз ушундай кооз дүйнөдө жашайбыз. Ал эми табият болсо түбөлүктүү, ал өлбөйт да, токтоп калбайт. Жаратылыш улам өзгөрүп, өнүгүп жашоосун уланта берет. Демек, табият эч качан картайбайт.

Жаратылыштын тирүүлүгү күн, суу, абага байланыштуу, аларсыз эч кандай жашоо жок, өмүр токтоп калат.

*«Кырчын» журналынан*

115 сөз, 11 сүйлөм

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 2-класс, 2-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:__________________

Окуучунун аты-жөнү ______________________________________________________________

Бир кишинин эки баласы бар эле. Атасы улуу баласын жакшы көргөндүктөн, энчинин баарын улуу баласына бермек болду. Энеси: «Энчини экөөнө тең бөлүп берели», – деп кеңеш салды. Күйөөсү аялынын акылын укпады. Аялы таарынып, чийдин түбүндө ыйлап отурду.

Жолдон өтүп бара жаткан жолоочу аялды көрүп:

– Эмнеге ыйлап жатасыз? – деп сурады. Жолоочу окуянын жайын түшүнгөн соң, аялга айтты:

– Сиз ыйлабаңыз, андан көрө кичүү балаңызды окууга жибериңиз. Билим – түгөнбөс байлык. Атанын дөөлөтү колдун кириндей, бат эле жоголот.

Аял жолоочунун сөзүнө макул болду да, баласын алыскы жерге окууга жиберди.

Бала көп жылы тырышып окуп, түрдүү сонун өнөр үйрөнүп, абдан бай болду.

Агасы ата дөөлөтүнө мас болуп жүрүп, өнөрдөн куру кол калды. Ата дөөлөтү бүтүп, жарды болуп калган агасы инисинен жардам сурап келди.

*Касым Тыныстанов*

117 сөз, 14 сүйлөм

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 3-класс, 1-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:________________

Окуучунун аты-жөнү ________________________________________________

| |
|---|
| Нан дасторкондон орун алганча кыйла жолду басып өттү. Адамдар трактор менен жерди айдашып, үрөн себишти. Жердин нымынан, суунун күчүнөн улам үрөн көйкөлүп өсүп чыкты. Жашыл сабактар бара-бара бой керип, баш алды. Буудайдан мол түшүм алуу үчүн дыйкандар убагында жер семирткичтер менен азыктандырып, сугарып турушту. Саргара бышкан буудайдын бир да данын коромжуга учуратпай жыйнап жатышты. Көз жоосун алып ыргалган буудайларды комбайндар жыйнап, данын бастырды. Басылган дан машиналар менен кырманга жеткирилди. Тегирменге түшүп, ун тартылды. Ундан жыты буркураган ар кандай нандар жасалып, дасторконго коюлду.<br>Ошентип, нан дасторконго келип жеткиче адамдын бир топ эмгегинен улам кыйла жолду басып өттү.<br>Ошондуктан адамдын маңдай теринен жасалган нанды урматтоо, сарамжалдуу пайдалануу – ар бир адамдын парзы. Анткени нан – баарынан улук. Нандын бир күн жок болушун көз алдыга элестетип көргүлөчү. «Нан – баарынан улук», – деп бекеринен айтылган эмес да.<br>*«Кырчын» журналынан* |
| 129 сөз, 15 сүйлөм |

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 3-класс, 2-жарым жылдыктын аягы **Шкаласы**: 1 **Күнү**:__________________

Окуучунун аты-жөнү ______________________________________________________________

Бак ичинде куштар сайрайт, өзгөчө булбулдун мукам үнүн уксам деп эңсегендер көп болот.

Торгойдун сайраганы да абдан кызык. Ал асманга бийик көтөрүлүп алып, канаттарын дирилдетип сайрайт.

Кара чыйырчык ар кандай куштардын үнүн туурайт, ал тургай машинканын үнүн да туурай алат экен.

Каргалар болсо каркылдайт. Сагызган шакылыктаса, үйгө конок келет деп да коюшат.

Куштар жазда эмне деп сайрашарын силер билесиңерби?

«Ушул жерге уя салалы, балапан басып чыгаралы» – деп, бирин-бири чакырып сайрашат экен. Алар бири-биринин тилин түшүнүшөт.

Жарадар кара чыйырчыктын үнүн магнитофонго жаздырып келип угузса, ошол жердеги чымчыктардын баары заматта учуп кетишиптир. Көрсө, жарадар чымчык: «Бул жерден тезинен качкыла!» – деп жаткан экен.

Ар жандыктын өзүнчө үнү бар. Кечкисин бакалар чардайт. Суурдун кароолчусу ышкырып белги бергенде, жайылып жүргөндөрү ийинине кире качат.

Айбанаттарды үнүнөн тааный билген адамдар болот, кээ бирөөлөр жаныбардын үнүн өзүндөй туурай алышат.

*«Кырчын» журналынан*

130 сөз, 14 сүйлөм

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 4-класс **Шкаласы**: 1 **Күнү**:______________________

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________________________

Биздин айылда Тилек жана Кушубек деген кошуна эки бала бар. Бул экөө абдан ынтымактуу. Бир күнү алар жолду чаңдатып ойноп жүрүп, акыры чарчашты.

– Чыбыктан ат кылып минели, – деди бир кезде Тилек.

Макулдашып, экөө чыбык алып келүүгө кетишти.

Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду. Бирок, ал өзүнүкү да, ошондуктан го, сындыра албады, аяды. Анан калса атасы көрсө тилдейт да. Анан ал Кушубектин короосун караса, алардын ак, сары талдары сонун болуп өсүп калыптыр. Узун бутактары ат кылып мингенге жарай тургандай көрүндү. Ары-бери караса, эч кимдин карааны көрүнбөйт. Жашырынып чуркап келип, талдын ошол узун, ичке бутактарынан сындырып алды да, билгизбей артына жөнөдү. Короонун тешигинен сойлоп чыгып келатса, алдынан Кушубек жолукту, экөө сүзүшүп калышты.

Ал дагы талдын узун бутактарынан сындырып алыптыр. Тааныды. Көрсө, Кушубек да өзүнүкүн аяп, Тилектин короосундагы талдардан сындырганын түшүндү. Кушубек да түшүндү.

Экөө бири-биринен аябай уялып калышты. Анан ойнобой эле үйлөрүнө кетип калышты.

*Сулайман Рысбаев*

144 сөз, 19 сүйлөм

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 1, 2-класс **Шкаласы**: 2 **Күнү**:_______________________

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________________________

Балдар Кар киши жасап коюшту. Ага көмүрдөн көз, сабизден мурун жасашып, башына пластмасса чаканы кийгизишти. Алар аны суктана карашып бир аз турушту да, үй-үйлөрүнө тарашты. Эртеси балдар короого чыгышып, Кар кишинин жанында ойноп жатышты. Кар кишиге балдар менен кызыктуу да, кубанычтуу да эле. Ошентип кыш да өттү, жаз келген кезде Кар киши капалана баштаганын көрүп, Эля менен Данил Кар кишиден:

– Сенин эмне сабырың суз? – деп сурашты.

Кар киши болсо жылуулуктан эрип кетемби деп коркуп атканын айтты. Ал ушул короодо эмки кышка чейин калгысы келип жаткан. Балдар да андан ажырагылары келбей, ага жардам бермей болушту. Данил Кар кишини үйүнө алып барып муздаткычка отургузуп, балмуздак менен бага баштады.

Ал көпкө дейре отуруп тажап, бир күнү башын чайкап, колдорун шилтегилеп жатып, муздаткычтан кулап түштү. Терезеге келип караса сырт бүт аппак. Кыш келиптир! Кубанычы койнуна батпаган Кар киши короого чуркап чыгып, жаңы кар менен сүрүнүп, денесин сергитип, балдарга да ыраазы боло:

– Ой, ырахмат силерге, досторум! Мен силерге абдан ыраазымын! – деп тынбай кобурай берди.

*Г. Сарыгүл*

160 сөз, 18 сүйлөм

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 2, 3-класс **Шкаласы**: 2 **Күнү**:_______________________

Окуучунун аты-жөнү _______________________________________________________________

Биз боз үйдө жатып, түндүктү карап, очокко кут түшөр бекен деп, тилек кылар элек.

Чоң энебизден:

– Кут түндүктөн качан түшөт? – деп сурай берчүбүз.

Анда чоң энебиз айтар эле:

– Баланын тилегин берет, жакшылап карап жүргүлө.

– Кут түшсө, кантип сактайбыз? – деп сурачубуз.

Анда чоң энебиз:

– Кут чоктой болуп коломтого түшөт, түшөрү менен аны коркпой бала колго алыш керек. Чочулабагыла, колуңарды күйгүзбөйт, дароо уюп калат, – дейт.

Анда биз:

– Эмне үчүн бала алыш керек? – дейбиз.

Чоң энебиз күлүп:

– Кутту таза, күнөөсүз адам кармайт. Дили кара адам кармаса, тезек болуп калат – дейт.

Чоң энебиздин айтканына чындап ишенип жүрдүк. Күндөрдүн бириндe мен жайлоодон жакадагы тамга үч-төрт күн жүрүп келсем, чоң энем айтты:

– Сен кеткенден кийин үйгө кут түштү, – деп уюган кочкул кызгылт ташты көрсөттү.

Мен далай күн, ай, жыл күткөн ыйык кутту кызыгып, суктанып, көпкө карадым.

Чоң энем айтты:

– Муну эми көпкө кармаба, катып салалы, – деп өзүнүн сандыгына чүпүрөккө ороп, катып койду.

Анан чоң энем мага эскертти:

– Үйгө ырыскы түштү, муну мыктылап күтүп алалы. Кут конгон үйдө бейбаштык кылбаш керек, калп айткан болбойт, улуунун сөзүн угат, аларды сыйлап, бала боорукер болот. Эч качан жаман ишке барба, жаман адамга жолобо, болбосо кут качып кетет.

Мен дайыма кут үйдөн кетпесе экен деп тилек кылып келем. Ошондуктан улуулардын акылын угуп, туура иш кылганга аракет кылам. Силер бул боюнча кандай ойлойсуңар, достор? Менимче, бул баарыбыз үчүн кызыктуу да, маанилүү да болсо керек.

*«Ала-Тоо уламыштары» китебинен*

226 сөз

**Шар окуу көндүмүн баалоо**

**Деңгээли**: 3, 4-класс **Шкаласы**: 2 **Күнү**:_______________________

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________________________

Кемел кыларга иш таппай эригип келе жатып, жол жээгинде дан сүйрөп бара жаткан кумурсканы көрдү да, аны менен ойномокчу болду. Кумурска бара жаткан жолго бир ууч топурак төгүп, анын эки жагынан кырдап «тоо» кылып койду. Кумурска Кемел жасаган «тоодон» жемин сүйрөп араң ашты да, сапарын андан ары улады. Кумурсканын балбандыгы Кемелге жаккан жок. Ал баягыдан да бийик «тоо» жасады кумурсканын жолуна. Кумурска балбан да кыйын экен. Чымырканып бул «тоону» да ашып өттү. Кемелдин эми чындап жини келди, «көл» жасап «атаандашын» чөктүрмөкчү болду. Нарыдан-бери алакандай жерди казды да, ага суу толтурду. Анан кумурсканы эки жагынан тороп, «көлгө» карай түз барууга мажбурлады.

Эрктүү кумурска суудан да корккон жок, өчөшүп алгансып, түз эле «көлгө» түштү. Бир аз сүзүп эс алмакчы болдубу, же чарчадыбы, айтор, даны оозунан түшүп, «көлдүн түбүнө» чөгүп кетти. Ошончо жолдон талбай сүйрөп келе жаткан жеминин «көл түбүнө» түшүп кеткенине кумурсканын ичи тызылдап ачышты. А Кемел болсо, «чоң эрдик» кылгансып табалап карап отурду.

Бир кезде байкуш кумурска өзүнүн аман калганына каниет кылдыбы, «көл жээгине» жетип сыртка чыкмакчы болду. Кемел чырпык менен кумурсканы сууга карай түртүп, өзү жасаган «көлгө» чындап эле чөктүрүүнү ойлоду. Кумурска да өжөрлөндү. Чырпыкка бекем жабышып алды. Кемел чырпыкты жерге таштады да, топуракты алып келип, кумурсканы көмүп салмакчы болду. Анан көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Өзү миң азапка салган кумурска кыбырап басып, алгачкы келе жаткан тарапты көздөй баратыптыр.

Кайрадан данга бара жатканын Кемел түшүндү да, кумурсканын балбандыгына, эрктүүлүгүнө, эмгекчилдигине абдан таң калды.

*Батма Абдухамидова*

234 сөз

**2-таблица. ________ окуу жылы үчүн № ___ орто мектебинин ______ классынын окуучуларынын окуу техникасын текшерүү баракчасы**

| № | Окуучунун аты-жөнү | окуу ыкмасы | | | | | туура окуу | | | | | | көркөм окуу | | | мүнөтүнө окуу ылдамдыгы | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | каталар (туура эмес) | | | | | | | | | | |
| | | тамгалап окуу | үзүп-үзүп муундап окуу | муундап шар окуу | сөздөрдү тегиз муундап окуу | сөздү толугу менен же сөздөрдүн тобун окуу | алмаштыруу (тамга, муун, сөз) | калтырып кетүү (тамга, муун, сөз) | орун алмаштыруу (тамга, муун, сөз) | бурмалоо | кайталоо | туура | басымдын коюлушу | логикалык тыным сактоо | интонация, окуунун темпи жана ритми | | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10 | | | | | | | | | | | | | | | | | |

## ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ТЕКСТТЕРДИН ВАРИАНТТАРЫ

### I

Апендинин күчүгү бир күнү жоголуп кетти. Жолдо ыйлап келатса, алдынан бир адам жолугуп, минтип сурады:

– Апенди, эмне мынча ыйлап келатасың?

– Кү-чү-гүм жо-го-луп кет-ти, – деп ого бетер солуктады Апенди.

– Кой, ыйлаба. Андан көрө газетага кулактандыруу бер.

– Күчүгүм газета окуганды билбейт, – деди анда Апенди ого бетер ыйлап.

*«Байчечекей» журналынан*

## II

– Тай алып бер, атаке, – деп, Абыл көптөн бери атасына айтып жүрчү эле. Абылдын сөзүнө атасы көп кулак салбай жүрдү.

Бир күнү тай минип жүргөн балдарды көрүп, Абылдын ичи кызыды.

– Тай алып бер! – деп, атасына асыла берди.

– Макул, балам, жаз чыксын. Сен мектептен бошогон кезде, мен тайыңды даяр кылып коёмун, – деди атасы.

Жаз чыгып, Абыл мектептен бошоду:

– Баягы тайды эмне кылдың, атаке? – деп, Абыл сурай кетти.

– Ал тайың даяр, талаага айдап койдум, чоңоюп калды, – деди атасы.

Атасынын бул сөзү Абылды ойго салды:

– Талаага кайдан тай өнсүн?..

*Касым Тыныстанов*

## III

Жаратылыш – бул бизди курчап турган дүйнө. Бирок биз дайыма эле табияттын сырларын, кооздугун байкай бербейбиз. Карачы, дүйнө кандай кооз, кандай сулуу. Килемдей төшөлгөн жапжашыл чөптөр, түркүн түстүү гүлдөр көргөн көздү кубанта, көңүлдү көтөрөт. Алардын үстүндө учкан түркүн көпөлөктөр, бал жыйнаган аарылар, жердеги курт-кумурскалар, мукам сайрап жаткан куштарчы? Ак булуттардын арасынан нурун төккөн күн, согуп турган салкын жел, көпкөк болгон асман, асман тиреген тоолор, шаркыратмалар, таштан-ташка урунуп аккан суулар – бардыгы адамды суктандырбай койбойт.

Биз ушундай кооз дүйнөдө жашайбыз. Ал эми табият болсо түбөлүктүү, ал өлбөйт да, токтоп калбайт. Жаратылыш улам өзгөрүп, өнүгүп жашоосун уланта берет. Демек, табият эч качан картайбайт.

Жаратылыштын тирүүлүгү күн, суу, абага байланыштуу, аларсыз эч кандай жашоо жок, өмүр токтоп калат.

## IV

Бир кишинин эки баласы бар эле. Атасы улуу баласын жакшы көргөндүктөн, энчинин баарын улуу баласына бермек болду. Энеси: «Энчини экөөнө тең бөлүп берели», – деп кеңеш салды. Күйөөсү аялынын акылын укпады. Аялы таарынып, чийдин түбүндө ыйлап отурду.

Жолдон өтүп бара жаткан жолоочу аялды көрүп:

– Эмнеге ыйлап жатасыз? – деп сурады. Жолоочу окуянын жайын түшүнгөн соң, аялга айтты:

– Сиз ыйлабаңыз, андан көрө кичүү балаңызды окууга жибериңиз. Билим – түгөнбөс байлык. Атанын дөөлөтү колдун кириндей, бат эле жоголот.

Аял жолоочунун сөзүнө макул болду да, баласын алыскы жерге окууга жиберди.

Бала көп жылы тырышып окуп, түрдүү сонун өнөр үйрөнүп, абдан бай болду.

Агасы ата дөөлөтүнө мас болуп жүрүп, өнөрдөн куру кол калды. Ата дөөлөтү бүтүп, жарды болуп калган агасы инисинен жардам сурап келди.

## V

Нан дасторкондон орун алганча кыйла жолду басып өттү. Адамдар трактор менен жерди айдашып, үрөн себишти. Жердин нымынан, суунун күчүнөн улам үрөн көйкөлүп өсүп чыкты. Жашыл сабактар бара-бара бой керип, баш алды. Буудайдан мол түшүм алуу үчүн дыйкандар убагында жер семирткичтер менен азыктандырып, сугарып турушту. Саргара бышкан буудайдын бир да данын коромжуга учуратпай жыйнап жатышты. Көз жоосун алып ыргалган буудайларды комбайндар жыйнап, данын бастырды. Басылган дан машиналар менен кырманга жеткирилди. Тегирменге түшүп, ун тартылды. Ундан жыты буркураган ар кандай нандар жасалып, дасторконго коюлду.

Ошентип, нан дасторконго келип жеткиче адамдын бир топ эмгегинен улам кыйла жолду басып өттү.

Ошондуктан адамдын маңдай теринен жасалган нанды урматтоо, сарамжалдуу пайдалануу – ар бир адамдын парзы. Анткени нан – баарынан улук. Нандын бир күн жок болушун көз алдыга элестетип көргүлөчү. «Нан – баарынан улук», – деп бекеринен айтылган эмес да.

*«Адеп алиппеси» журналынан*

## VI

Бак ичинде куштар сайрайт, өзгөчө булбулдун мукам үнүн уксам деп эңсегендер көп болот.

Торгойдун сайраганы да абдан кызык. Ал асманга бийик көтөрүлүп алып, канаттарын дирилдетип сайрайт.

Кара чыйырчык ар кандай куштардын үнүн туурайт, ал тургай  машинканын үнүн да туурай алат экен.

Каргалар болсо каркылдайт. Сагызган шакылыктаса, үйгө конок келет деп да коюшат.

Куштар жазда эмне деп сайрашарын силер билесиңер-би?

«Ушул жерге уя салалы, балапан басып чыгаралы» – деп, бирин-бири чакырып сайрашат экен. Алар бири-биринин тилин түшүнүшөт.

Жарадар кара чыйырчыктын үнүн магнитофонго жаздырып келип угузса, ошол жердеги чымчыктардын баары заматта учуп кетишиптир. Көрсө, жарадар чымчык: «Бул жерден тезинен качкыла!» – деп жаткан экен.

Ар жандыктын өзүнчө үнү бар. Кечкисин бакалар чардайт. Суурдун кароолчусу ышкырып белги бергенде, жайылып жүргөндөрү ийинине кире качат.

Айбанаттарды үнүнөн тааный билген адамдар болот, кээ бирөөлөр жаныбардын үнүн  өзүндөй туурай алышат.

## VII

Биздин айылда Тилек жана Кушубек деген кошуна эки бала бар. Бул экөө абдан ынтымактуу. Бир күнү алар жолду чаңдатып ойноп жүрүп, акыры чарчашты.

– Чыбыктан ат кылып минели, – деди бир кезде Тилек.

Макулдашып, экөө чыбык алып келүүгө кетишти.

Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду. Бирок, ал өзүнүкү да, ошондуктан го, сындыра албады, аяды. Анан калса атасы көрсө тилдейт да. Анан ал Кушубектин короосун караса, алардын ак, сары  талдары сонун болуп өсүп калыптыр. Узун бутактары  ат кылып мингенге жарай тургандай көрүндү. Ары-бери караса, эч кимдин карааны көрүнбөйт. Жашырынып чуркап келип, талдын ошол узун, ичке бутактарынан сындырып алды да, билгизбей артына жөнөдү. Короонун тешигинен сойлоп чыгып келатса, алдынан Кушубек жолукту, экөө сүзүшүп калышты.

Ал дагы талдын узун бутактарынан сындырып алыптыр. Тааныды. Көрсө, Кушубек да өзүнүкүн аяп, Тилектин короосундагы талдардан сындырганын түшүндү. Кушубек да түшүндү.

Экөө бири-биринен аябай уялып калышты. Анан ойнобой эле үйлөрүнө кетип калышты.

## VIII

Балдар Кар киши жасап коюшту. Ага көмүрдөн көз, сабизден мурун жасашып, башына пластмасса чаканы кийгизишти. Алар аны суктана карашып бир аз турушту да, үй-үйлөрүнө тарашты. Эртеси балдар короого чыгышып, Кар кишинин жанында ойноп жатышты. Кар кишиге балдар менен кызыктуу да, кубанычтуу да эле. Ошентип кыш да өттү, жаз келген кезде Кар киши капалана баштаганын көрүп, Эля менен Данил Кар кишиден:

– Сенин эмне сабырың суз? – деп сурашты.

Кар киши болсо жылуулуктан эрип кетемби деп коркуп атканын айтты. Ал ушул короодо эмки кышка чейин калгысы келип жаткан. Балдар да андан ажырагылары келбей, ага жардам бермей болушту. Данил Кар кишини үйүнө алып барып муздаткычка отургузуп, балмуздак менен бага баштады.

Ал көпкө дейре отуруп тажап, бир күнү башын чайкап, колдорун шилтегилеп жатып, муздаткычтан кулап түштү. Терезеге келип караса сырт бүт аппак. Кыш келиптир!

Кубанычы койнуна батпаган Кар киши короого чуркап чыгып, жаңы кар менен сүрүнүп, денесин сергитип, балдарга да ыраазы боло:

– Ой, ырахмат силерге, досторум! Мен силерге абдан ыраазымын! – деп тынбай кобурай берди.

## IX

Биз боз үйдө жатып, түндүктү карап, очокко кут түшөр бекен деп, тилек кылар элек.

– Баланын тилегин берет, жакшылап карап жүргүлө.

– Кут түшсө, кантип сактайбыз? – деп сурачубуз.

– Кут чоктой болуп коломтого түшөт, түшөрү менен аны коркпой бала колго алыш керек. Чочулабагыла, колуңарды күйгүзбөйт, дароо уюп калат, – дейт.

Чоң энебиздин айтканына чындап ишенип жүрдүк. Күндөрдүн биринде мен жайлоодон жакадагы тамга үч-төрт күн жүрүп келсем, чоң энем айтты:

– Сен кеткенден кийин үйгө кут түштү, – деп уюган коч-кул кызгылт ташты көрсөттү. Мен далай күн, ай, жыл күткөн ыйык кутту кызыгып, суктанып, көпкө карадым.

– Муну эми көпкө кармаба, катып салалы, – деп өзүнүн сандыгына чүпүрөккө ороп, катып койду.

– Үйгө ырыскы түштү, муну мыктылап күтүп алалы. Кут конгон үйдө бейбаштык кылбаш керек, калп айткан болбойт, улуунун сөзүн угат, аларды сыйлап, бала боорукер болот. Эч качан жаман ишке барба, жаман адамга жолобо, болбосо кут качып кетет.

Мен дайыма кут үйдөн кетпесе экен деп тилек кылып келем. Ошондуктан улуулардын акылын угуп, туура иш кылганга аракет кылам. Силер бул боюнча кандай ойлойсуңар, достор? Менимче, бул баарыбыз үчүн кызыктуу да, маанилүү да болсо керек.

## X

Кемел кыларга иш таппай эригип келе жатып, жол жээгинде дан сүйрөп бара жаткан кумурсканы көрдү да, аны менен ойномокчу болду. Кумурска бара жаткан жолго бир ууч топурак төгүп, анын эки жагынан кырдап «тоо» кылып койду. Кумурска Кемел жасаган «тоодон» жемин сүйрөп араң ашты да, сапарын андан ары улады. Кумурсканын балбандыгы Кемелге жаккан жок. Ал баягыдан да бийик «тоо» жасады кумурсканын жолуна. Кумурска балбан да кыйын экен. Чымырканып бул «тоону» да ашып өттү. Кемелдин эми чындап ачуусу келди, «көл» жасап «атаандашын» чөктүрмөкчү болду. Нарыдан-бери алакандай жерди казды да, ага суу толтурду. Анан кумурсканы эки жагынан тороп, «көлгө» карай түз барууга мажбурлады.

Эрктүү кумурска суудан да корккон жок, өчөшүп алгансып, түз эле «көлгө» түштү. Бир аз сүзүп эс алмакчы болдубу, же чарчадыбы, айтор, даны оозунан түшүп, «көлдүн түбүнө» чөгүп кетти. Ошончо жолдон талбай сүйрөп келе жаткан жеминин «көл түбүнө» түшүп кеткенине кумурсканын ичи тызылдап ачышты. А Кемел болсо, «чоң эрдик» кылгансып табалап карап отурду.

Бир кезде байкуш кумурска өзүнүн аман калганына каниет кылдыбы, «көл жээгине» жетип сыртка чыкмакчы болду. Кемел чырпык менен кумурсканы сууга карай түртүп, өзү жасаган «көлгө» чындап эле чөктүрүүнү ойлоду. Кумурска да өжөрлөндү. Чырпыкка бекем жабышып алды. Кемел чырпыкты жерге таштады да, топуракты алып келип, кумурсканы көмүп салмакчы болду. Анан көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Өзү миң азапка салган кумурска кыбырап басып, алгачкы келе жаткан тарапты көздөй баратыптыр.

Кайрадан данга бара жатканын Кемел түшүндү да, кумурсканын балбандыгына, эрктүүлүгүнө, эмгекчилдигине абдан таң калды.

# 6. ШАР ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮ БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ КӨНҮГҮҮЛӨР

| Аталышы | «ЖАҢЫРЫК» |
| --- | --- |
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• тыныш белгилерине көңүл коюп, туура жана көркөм окуусу. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 1–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Окуучулардын деңгээлдерине туура келген текст.<br>*Биринчи вариант:* окуу китебиндеги текст.<br>*Экинчи вариант:* ар бир окуучу үчүн тексттин көчүрмөсү.<br>*Үчүнчү вариант:* текстти бардык окуучуларга интерактивдүү доскада же презентациянын жардамы менен көрсөтүү.<br>*Төртүнчү вариант:* чоң китепти колдонуу. |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жалпы класс менен жана чакан топтордо иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | «Жаңырык». Мугалим тексттин бир бөлүгүн окуйт, ал эми окуучулар мугалимдин артынан кайталап окушат.<br>**1-кадам.** Жаңырык – бул үңкүрдө, токойдо, бош имаратта ж. б. жерлерде жаңырып кайталанган үн, добуш экендигин мугалим окуучуларга түшүндүрөт.<br>Окуучулардан мугалимдин «жаңырыгы» экендигин элестетүүсүн өтүнөт.<br>**2-кадам.** Окуучуларга текстти таркатып берет же окуу китебиндеги тиешелүү бетти ачуусун өтүнөт же доскада көрсөтүлгөн текст бардыгына жакшы көрүнө тургандай кылып окуучуларды отургузат.<br>**3-кадам.** Мугалим окуй баштайт, окуучулар мугалим окуган темпти сактоо менен анын артынан кайталап окушат. Мугалим окуучуларга байкоо жүргүзүп, керек болгон учурда окуу темпин акырындатпастан окуучуларга окуганга жардам берет. Мугалим текстти фрагменттеп аягына чейин окуйт.<br>Эгерде мугалим айрым окуучулардын жетишпей жаткандыгын байкаса, окуучулар текст менен бара бара таанышып, өз күчүнө ишенүүлөрү үчүн окуу темпин акырындатып, көнүгүүнү бир нече ирет кайталоосу зарыл. |


| Аталышы | КӨП ИРЕТ КАЙТАЛАП ОКУУ |
|---|---|
| Күтүлгөн натыйжалар | Окуучулардын<br>• бейтааныш текстти окуу жөндөмүн өркүндөтүүсү;<br>• көркөм окуу жөндөмүнө ээ болуусу;<br>• катасыз окуусу. |
| Модуль | Шар окуу |
| Класс | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда |
| Керектүү каражаттар | Окуу китеби, текст, мурда окулган китептер |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече |
| Аткаруу тартиби | Шар окууну өнүктүрүү үчүн окуучулар көп окуу менен гана чектелбей, окуган тексттерди тез-тез кайталап кайра окуусу зарыл. Бейтааныш текстти алгачкы жолу окуганда окуучулар (сөздөрдү) чечмелеп окууга аракет кылышат. Текстке кайра кайтуу менен таанып калган сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, бүтүн текстти кайталашып, аны түшүнө башташат жана эң негизгиси – окуу ылдамдыгын жогорулатышат.<br><br>**1-кадам.** Мугалим китептин (тексттин) аталышын айтат. Суроолорго жооп берип, окуучулар чыгарманын башкы идеясын эстешет.<br><br>**2-кадам.** Мугалим текстти кайрадан окуп чыгууну сунуштайт. Тексттеги сүрөттөмөлөргө көңүл буруп окууну өтүнөт. Мисалы: «Башкы каарманды сүрөттөгүлө? Текстте аба-ырайы кандай сүрөттөлгөн? Автор жаратылышты кандай сүрөттөгөн?»<br><br>**3-кадам.** Окуучулар текстти кайрадан окуп чыгып, талкуулашат. Мугалим кайра окууга кеткен убакытты өзүнө белгилеп алат. «Биринчи жолкуга караганда азыр батыраак окуп чыктыңарбы? Эмне үчүн?» |

**Үлгү**



| Аталышы | ЧЕКИТ, ЧЕКИТ, ҮТҮР |
|---|---|
| Күтүлгөн натыйжалар | Окуучулардын<br>• тексттеги тыныш белгилерин үн менен бөлүп көрсөтүүсү;<br>• көркөм окуу жөндөмүн өркүндөтүүсү. |
| Модуль | Шар окуу |
| Класс | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда |
| Керектүү каражаттар | Окуучулардын окурмандык компетенттүүлүгүнүн деңгээлине ылайык жана тааныш тыныш белгилери бар окуу китебиндеги текст же анын көчүрмөсү.<br>Түстүү карандаштар же фломастерлер |
| Окутууну уюштуруу формасы | Топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | **1-кадам.** Тыныш белгилери текстти окууга кандай таасир берерин окуучулар менен талкуулоо. Мисалы, чекит токтоону билдирет, үтүр – тынымды, илеп белгиси менен күчтүү сезим чагылдырылат, суроо белгиси сүйлөм суроо иретинде айтыларын көрсөтүп турат.<br>Окуучуларга кайсы тыныш белгилерине көңүл буруу керектиги айтылат. Текстте тыныш белгилери колдонулган мисалдарды табуу тапшырмасы берилет.<br>**2-кадам.** Тексттин башы үн чыгарып окулуп, окулган үзүндүдө кандай тыныш белгилери колдонулганы жана окуу учурунда тыныш белгилери үн менен кандай белгиленгени талкууланат.<br>**3-кадам.** Окуучуларга текстти андан ары окуу тапшырмасы берилет. Окуу учурунда тыныш белгилери карандаш же фломастер менен белгиленет. Мисалы, чекит кызыл карандаш менен, үтүр – жашыл, суроо белгиси – көк.<br>Бул тапшырманы аткарууда кыйналган окуучуларга чакан текст берилет. Ал эми тапшырманы мыкты аткарган окуучуларга тыныш белгилери коюлбаган текст берилип, тыныш белгиле-рин тиешелүү жерлерге коюп, текстти туура окуу тапшырмасы берилет.<br>**4-кадам.** Аткарылган тапшырманын тууралыгын төмөндөгүдөй текшерүүгө болот:<br>• өзүн-өзү баалоо: окуучулар кетирилген каталарын өз алдынча оңдошот (тексттин түп нускасына таянуу менен);<br>• бирин-бири текшерүү: окуучулар бири-биринин аткарган жумушун текшеришет;<br>• мугалим окуучулардын аткарган жумуштарын текшерет. |

## Үлгү



| Аталышы | ҮЛГҮЛҮҮ ОКУУ |
|---|---|
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• окуу көндүмдөрүн (чечмелеп окуу, шар окуу, окуганын түшүнүү) иш жүзүндө көрсөтүүсү. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 2–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Окуу китебинен алынган окучулар билген тыныш белгилери бар текст (же тексттин көчүрмөсү)<br>Түстүү карандаштар же фломастерлер |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече |
| **Аткаруу тартиби** | Сабакта мугалимдин үн чыгарып окуганы окуучуларга катасыз, көркөм, туура ылдамдыкта жана тексттин маанисин чагылдырып окууну көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.<br>Үлгүлүү көркөм окуу – бул окуу учурунда тексттин маанисин толук түшүнүп, чагылдыруу жөндөмүн билдирет:<br>– чыгарманы коюлган милдеттерге жана аларды аткаруу жолдоруна жараша окуу;<br>– чыгармада берилген жагдайларды «жандандырып», окуу учурунда пайда болгон элестерди угуучуга берүү;<br>– тексттин мазмунуна карата окуучуларда эмоциялык сезимдерди ойготуу;<br>– көмүскөдө берилген тексттин маанисин аныктоо;<br>– окуу учурунда окуучулар менен визуалдык байланыш түзүү.<br>Үлгүлүү окууну ар дайым салтанаттуу түрдө уюштуруу сунушталат.<br>**1-кадам.** *Даярдоо*. Мугалим китепти/текстти тандап, үлгүлүү окууга даярданат. Үлгүлүү окуу үчүн кептин мелодикасын, так дикцияны, туура дем алууну сактап, автордун айтайын деген оюн жана тексттин стилдик өзгөчөлүктөрүн билүү зарыл. Чыгарманы окуучуларга толук жеткирүү үчүн аны терең түшүнүү зарыл, анткени үлгүлүү окуу – бул эң биринчиден маанисин түшүнүп окуу. Мугалим үлгүлүү окууга кылдаттык менен даярдануусу зарыл.<br>**2-кадам.** Мугалим окуучулардан китептерин жаап, көңүл коюп угуусун өтүнөт. Китеби ачык турганда окуучуда окуган кишини текст боюнча текшерүүгө умтулуу пайда болуп, аны угуудан алаксытат жана укканын түшүнүүсүнө тоскоол болот.<br>Үлгүлүү окууда мугалимдин туруп турганы же (класстын бурчундагы мугалимдин столунда эмес) класстын ортосунда отурганы жакшы. Үлгүлүү окуу учурунда мугалимдин жүрүм-туруму дагы үлгүлүү болуусу шарт. Ошол эле учурда мугалим окуучулардын көңүлүн өзүнө буруп, класска байкоо жүргүзүүсү зарыл. |

Үлгүлүү окуу учурунда мугалимдин бир жерде туруусу/отуруусу жакшы, анткени классты аралап басуу окуучулардын көңүл коюп угуусуна тоскоол болот. Ошону менен бирге окуучуларга китепке сый жана аяр мамиле жасоону көрсөтүү керек – китептин барактарын бүктөбөй, барактарынын арасына калемсап койбой, кооз чөп кат колдонуу ж. б. у. с.

**3-кадам.** *Үлгүлүү окуу*. Мугалим үлгүлүү окуунун бардык элементтерин сактоо менен текстти толук окуйт. Айрым учурларда окуу процессинде окуганын балдар менен кыскача талкууласа болот.

***Эскертүү. Үлгүлүү окуунун элементтери:*** окуу техникасы, тиешелүү интонацияны, кептин темпин жана ритмин сактоо, кептин мелодикасын, баарлашуунун вербалдык эмес каражаттарын колдонуу (мимика, жест.).

***Кептин техникасы***

Үлгүлүү окууну көрсөтүү үчүн мугалимдин кептин техникалык жактарын, б.а. дем алуу, үн, дикция, орфоэпиялык нормаларды (эрежелерди) жакшы билүүсү зарыл. Дем алуу эркин жана терең болуп, башкаларга байкалбайшы зарыл.  Туура дем алуу, көпчүлүк учурда, адамдын өз үнүн туура колдонууга жардам берет. Күчү жана бийиктиги орто үн оптималдуу болуп саналат, себеби аны акырындатуу же катуулатуу оңой болот. Мугалимдин кебинин эң маанилүү сапаттарынын бири – бул дикция.  Дикция – бул кептин тыбыштарын тилдеги фонетикалык нормага ылайык так айтуу. Сөздөгү туура эмес басым, калыптанган фонетикалык нормалардан четтөө кептин тууралыгын одоно бузуу болуп саналат. Кептин көркөмдүүлүгү анын тууралыгына байланыштуу.

***Интонация***

Эң маанилүү сөздөр үндүн күчү, бийиктиги, акырын же катуу чыгышы менен белгиленет. Белгилүү драматург К. С. Станиславский: «Басым – бул сүйлөмдөгү эң негизги сөздү бөлүп көрсөткөн каражат! Басым менен белгиленген сөз сүйлөмдүн маңызын, көмүскөдөгү маанисин ачат!», – деп жазган. Логикалык басымды туура эмес коюунун себеби окуп жаткан тексттин маанисин толук түшүнбөгөндүктөн же эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын жетишерлик туя албагандыктан болот. Ошентип, логикалык басым коюу текстти алдын ала талдоону талап кылат. Тыным – бул айтуудагы же окуудагы токтоо, тыныгуу. Анын жардамы менен сүйлөм же текст маанилик бөлүктөргө бөлүнүп, мааниси аныкталат.

Үлгүлүү окуунун милдеттүү компоненттерине ***темп менен ритм*** дагы кирет. Алардын жардамы менен белгилүү интонация жаралат. Окуу темпи жай же ылдам болуусу мүмкүн. Темпти атайын басаңдатса же тездетсе болот. Темпти тандоо айтып же окуп жаткан адам кандай сезимди, маанайды

чагылдырып жатканына, баяндалып жаткан каармандын мүнөзүнө, эмоционалдык абалына, жүрүм-турумуна байланыштуу болот. Ритм дем алуу циклдеринин текшилигине байланыштуу. Бул кептин айтылуучу бөлүктөрүнүн жана тынымдын, үндүн акырындап, катуулашынын кезектешүүсү.

***Кептин мелодикасы*** – бул бийиктиги ар кандай деңгээлдеги тыбыштарды айтуу үчүн үнду акырындатуу же катуулатуу. Окуунун мелодикасын өркүндөтүү аркылуу башталгыч класстарда кептин көркөмдүүлүгүн калыптандыруу башталат. Мелодиканы аныктоо үчүн тыныш белгилерине гана таянуу жетишсиз болот, анткени мелодика тыныш белгилери менен шайкеш келбей калышы да мүмкүн. Ал окурмандын текстти терең сезип, окуу милдеттерин так түшүнүүсүнөн келип чыгат.

Үндүн тону – бул кептин эмоционалдык түсү. Айталап же окулуп жаткан нерсеге карата өзүнүн жана автордун сезимдерин, ойлорун мыкты берүүгө жардам берет.

***Тембр*** – бул үн боёгу, ал адамга тубаса берилет. Дүйнөдө үн тембри бирдей болгон адамдар кездешпейт деп ишенимдүү айтууга болот. Үндүн тембрин өзгөртүүгө болбойт. Кептин тонун гана өзгөртүүгө болот.

***Вербалдык эмес каражаттар*** (мимика, дененин кыймылы, жесттер, позалар) кептин тактыгын жана көркөмдүүлүгүн арттырууга жардам берет. Угарманга таасир калтыруу үчүн кошумча каражат болуп эсептелет. Көркөмдүүлүктүн вербалдык эмес каражаттары интонация менен органикалык байланышта болот. Алардын мүнөзү кырдаалга жана айтылып жаткан ойдун мазмунуна жараша болот. Окурмандын мимикасы, жесттери текстти кабыл алуусунун жана түшүнүүсүнүн негизинде пайда болгон психологиялык абалына жараша келип чыгышы керек. Жест жана мимикалар жөндүү болушу зарыл, орунсуз болсо айтылып жаткан ойдон алаксытат. Мугалим көркөмдүүлүктүн вербалдык эмес каражаттарын пайдалануу эрежелерин сактоону эсинен чыгарбашы керек[1].


[1] Методика выразительного чтения. – М.: Просвещение, 1977.

## Үлгү



| Аталышы | СӨЗДҮ ТЕГЕРЕКТЕ |
|---|---|
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• көп колдонулган сөздөрдү шар окуусу;<br>• көп колдонулган сөздөрдү жазып, колдонуусу. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 2–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Файл жана өчүрүлө турган маркер<br><br>Көп колдонулган сөздөр кездешкен илимий-популярдуу адабияттан же балдарга жакшы тааныш, белгилүү чыгармадан үзүндү |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече, жуптарда иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Сабакта иштөө үчүн алынган тексттин бети ар бир окуучуда түссүз файл менен жабылгандыгын мугалим текшерип чыгат. Окуучулар маркерлерди даяр кармашат.<br><br>Тапшырманы түшүндүрүү: мугалим текстти үн чыгарып окуйт, ошол эле учурда окуучулар көп кездешкен сөздөрдү тегерекче менен белгилешет.<br><br>**2-кадам.** Мугалим окуучулар белгилеген сөздөрдү окуп берүүсүн өтүнөт. Эгерде окуучу сөздөрдү тамгалап же эжелеп окуса, ал сөздөрдү бөлбөй толук окуганга чейин мугалим кайрадан бир нече жолу окуп берет.<br><br>**3-кадам.** Андан соң, окуучулар файлдын бетинде белгилеген тегерекчелерди өчүрүп, кийинки бетке өтүшөт.<br><br>Бул тапшырманы аткарууда кыйналган окуучуларга кайра-кайра кайталанган сөздөрдү камтыган чакан тексттерди берсе болот.<br><br>Ал эми тапшырманы оңой жана ийгиликтүү аткарган окуучуларга өз алдынча окуган китептер же тексттер менен иштөөнү сунуштаса болот. |

## Үлгү



-Мен үйгө баргым келбей жатат, - дейт кыз, ыйламсырай.

-Каалайсыңбы, биз сага жардам беребиз, - дейт Элик ата.

-Кантип? Менин өгөй энемди урушасыңарбы? Жо-ок, анда ал мени таптакыр үйгө кийирбөй коёт.

-Анда айтчы, биз менен чогуу элик болуп жашагың келеби? Менин сага окшогон кыздарым бар. Ошолор менен ойнойсуң, - дейт Элик ата.

Кыз ары ойлонот, бери ойлонот. Өгөй эне менен анын ажаан кыздарынан тил угуп, жемеге укканын эстеп жүрөкзаада болот. Андан көрө элик болуп, эркин ойноп жүргүсү келет.

-Мен элик болсом дайыма токойдо жашаймынбы? – деп сурайт.

-Ооба, сен да биз менен чогуу жүрөсүң, - дейт Элик ата. -Биз кооз жерлерге барабыз. Биз менен ошол жактарга барасың. Жырткычтардан сени коргойбуз.

-Адамдарды таптакыр көрбөй каламбы? – дейт анда кыз.

-Азыр сени эликке айландырам, кийин сен чоңоюп, акыл-эсиң киргенде кызга айландырып коём, - дейт Элик ата.

-Чын элеби? Мен макулмун, мен элик болгонду жакшы көрөм, - деп алаканын чапкылап, секирип жаткан [illegible] кантип элик болуп калганын байкабай калат. Кулагы узунураак, төрт туяктуу көркөм жаныбарга айланат. Анын жанына чаарчыктар басып келип:

| Аталышы | «ОКУРМАНДЫН ТЕЛЕФОНУ» |
| --- | --- |
| Күтүлгөн натыйжалар | Окуучулардын<br>• текстти туура жана көркөм окуусу;<br>• тиешелүү окуу темпин сактоосу. |
| Модуль | Шар окуу |
| Класс | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда |
| Керектүү каражаттар<br> | Окуучулардын окурмандык деңгээлдерине ылайык өз алдынча окуй ала турган тексттер.<br>«Окурмандын телефону» (сүрөттө көрсөтүлгөн).<br>*Эскертүү:* Сүрөттөгү «окурмандын телефону» эки сантехникалык желим түтүктөн жасалган. |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече жана жуптарда иштөө |
| Аткаруу тартиби | **1-кадам.** Окуу ылдамдыгын тиешелүү деңгээлге жеткирүү үчүн мугалим окуучуларга тандалып алынган текстти «окурман телефонун» колдонуп, бир нече (2–3) жолу окууну сунуштайт.<br>**2-кадам.** Окуучулар жекече окушат.<br>**3-кадам.** Окуучу берилген текстти шар окууга жетиштим деп эсептесе, ошол окуучу классташына, андан кийин жалпы класска үлгүлүү окууну көрсөтүү үчүн чакырылат. Үлгүлүү окуу «телефонсуз» жүргүзүлөт. |
| Үлгү | |





| Аталышы | СӨЗДӨРДҮ АЖЫРАТ |
|---|---|
| Күтүлгөн натыйжалар | Окуучулардын<br>• сөздөрү жабыштырылып жазылган текстте сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү ажыратуусу;<br>• текстти шар жана туура окуусу;<br>• тамгалардан жана муундардан сөздөрдү түзүүсү;<br>• айрым сөздөрдөн сүйлөмдөрдү түзүүсү. |
| Модуль | Шар окуу |
| Класс | 1 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда |
| Керектүү каражаттар | Окуучулардын окурмандык деңгээлине ылайык ырлар же прозалык чыгармалар.<br>1) Сөздөрү «жабышкан» тексттин көчүрмөсү.<br>2) Экранга чыгарылган сөздөрү «жабышкан» текст |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, фронталдык |
| Аткаруу тартиби | **1-вариант**<br><br>**1-кадам.** Мугалим тексттин көчүрмөлөрүн таратып же экранга чыгаргандан кийин, окуучулардан андагы сөздөрдү ажыратып, текстти туура окууну өтүнөт.<br>(Мисалдар «Адабий окуу» китептеринен алынды[1]).<br><br>**1-мисал**<br><br>*Атабабамурасы:*<br>*Бозүйкомузаккалпак.*<br>*Унутпастанбуларды,*<br>*Урунальардактап.*<br><br>*Арбиркыргызбаласы,*<br>*Аккалпактыкийишсин.*<br>*Акбозүйдөолтуруп,*<br>*Манасайтыпшартылдап,*<br>*Комузчертебилишсин!*<br>*Элинжеринсүйүшсүн!*<br>*Энетилдесүйлөшсүн!*<br>*(Б. Асаналиев)*<br><br>**1-мисалды аткаруу**<br><br>*Ата-баба мурасы:*<br>*Боз үй, комуз, ак калпак.*<br>*Унутпастан буларды,*<br>*Уруналы ардактап.* |

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б.: Принтэкспресс, 2013.

*Ар бир кыргыз баласы,*
*Ак калпакты кийишсин.*
*Ак боз үйдө олтуруп,*
*«Манас» айтып шартылдап,*
*Комуз черте билишсин!*
*Элин-жерин сүйүшсүн!*
*Эне тилде сүйлөшсүн!*
*(Б. Асаналиев)*

**2-мисал**

*Кубалапжайкыаптапты,*
*Жумалапжаайтаппаккар.*
*Кырообубакжамынып,*
*Пайдаболотакбактар.*

*Улупуңшупшамалы,*
*Элдиүйгөкамады.*
*Чилдетүшүпсуутоңчу*
*Мезгилдибалдарсамады.*
*(Ч. Иманалиев)*

**2-мисалды аткаруу**

*Кубалап жайкы аптапты,*
*Жумалап жаайт аппак кар.*
*Кыроо, бубак жамынып,*
*Пайда болот ак бактар.*

*Улуп-уңшуп шамалы,*
*Элди үйгө камады.*
*Чилде түшүп, суу тоңчу*
*Мезгилди балдар самады.*
*(Ч. Иманалиев)*

Мындай тапшырманы бүт класс менен, чакан топтордо же жекече өткөрсө болот.

**2-вариант**

**2-кадам.** Сөздөрдү ажыратып табышмакты окуп, жандырмагын табуу.

**1-мисал**

*Асманжердинортосундакөпүрө,*
*Бирокболбойтандандансыпөтүүгө.*

**Жообу:** күн желеси

**2-мисал**

*Жоккөзтаңганжоолугу,*
*Көрсөтпөйтбасаржолуңду.*

**Жообу:** түн

**3-мисал**

*Өзүкунсуз,*
*Баасыпулсуз.*
*Жандуужансыз,*
*Жашабайтмунсуз.*

**Жообу:** аба

**4-мисал**

*Сарысакалкишибар,*
*Санапбүткүстишибар.*

**Жообу:** жүгөрү

**5-мисал**

*Асмандыкөздөйатылган,*
*Акмаржанболупчачылган.*
*Аптаптыалыскубалап,*
*Айдарымдычакырган, –*
*Атынмунунтапылдам?*

**Жообу:** фонтан

**6-мисал**

*Сарыкозукөккозу,*
*Карындарытоккозу.*
*Күздүнкүнүкөпкозу,*
*Кыштынкүнүжоккозу.*

**Жообу:** коон-дарбыз

**3-вариант**

**3-кадам.** Берилген тамгалардын ар үчүнчүсүн тандап, сөз түзүп, дептерге жазуу[1].

**АЗБУРҮДРЛСМДЙЦҮНГРФЫКОЭӨҢЯН (бүлдүркөн)**

**СЧЖЕЛАМЯЛВТБСГЫЙЗРХЗАЩТК (жалбырак)**

**ВЫАРБЛЦФМОЧУЗГРШКУБВТ (алмурут)**

**ЛРДМИАЗГРЧФБКЦЫЖГЗ (дарбыз)**

**ВНКПРАСИРЧФЫГНШЛДКЖАЫТГР (карышкыр)**

**ЦШКИЧОЖМЁЛРН (коён)**

**4-вариант**

**4-кадам.** Сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү ажыратып, текстти окуу:

*Бардыкэлетамак-аш–жашообулагы. Бироканыничинденанөзгөчөорундуээлейт. Нандынбиркүнжокболушункөзалдыгаэлестетипкөргүлөчү. Ошондуктанэл:«Нан–баарынанулук»,–депбекериненайтканэмес[2].*

**5-вариант**

**Шаг 5.** Ашык тамгаларды алып салып, макалдарды окуу[3].

| Тапшырма | Аткаруу |
|---|---|
| Аакылодуу өүзүн, акоылсыуз доасыун күүнөөлүөйт. | Акылдуу өзүн, акылсыз досун күнөөлөйт. |
| Аукылодуу биалиумди саомауйт, акоылсуыз киойиумдиу саумаойт. | Акылдуу билимди самайт, акылсыз кийимди самайт. |
| Туулагаун жеурдион тоупуыраугы аолтыун. | Туулган жердин топурагы алтын. |
| Аушыоң каулсоа каылсыон, иушиң каолбасуын. | Ашың калса калсын, ишиң калбасын. |

[1] «Адабий окуу» 3-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014
[2] Ошол эле жерде.
[3] Ошол эле жерде.

| Аталышы | «ТОСКООЛДУКТАР» МЕНЕН ОКУУ |
|---|---|
| Күтүлгөн натыйжалар | Окуучулардын<br>• окууда сөздөрдү таанып билүүсү;<br>• «тоскоолдуктар» менен окууда автоматизмди көрсөтүүсү. |
| Модуль | Шар окуу |
| Класс | 1 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда |
| Керектүү каражаттар | Жылдызча, торчо, сызык сыяктуу «тоскоолдуктар» менен сөздөрдүн, муундардын, сүйлөмдөрдүн бир бөлүгү жабылган тексттер |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече |
| Аткаруу тартиби | **1-вариант**<br>Тамгалардын көрүнүшү боюнча сөздөрдү таап, ырды окуу[1].<br>**1-мисал** |

| Тапшырма | Аткаруу |
|---|---|
| **Ай, чегиртке, чегиртке**<br>*Ж. Абдылдаев*<br><br>Ай чегиртке, чегиртке,<br>Айтканыма терикпе.<br>Ырдаганың болбосо<br>Жарамсызсың сен ишке.<br>Көк кийимчен чегиртке,<br>Кечке жатып эрикпе.<br>Концерт бергин, иштерман<br>Кумурскалар келишсе. | **Ай, чегиртке, чегиртке**<br>*Ж. Абдылдаев*<br><br>Ай чегиртке, чегиртке,<br>Айтканыма терикпе.<br>Ырдаганың болбосо<br>Жарамсызсың сен ишке.<br>Көк кийимчен чегиртке,<br>Кечке жатып эрикпе.<br>Концерт бергин, иштерман<br>Кумурскалар келишсе. |
| **Жаады кар**<br>*Ш. Дүйшеев*<br><br>Кебез сымал апаппак<br>Кар калың жаап салыптыр.<br>Карасаңар кызыктай,<br>Кара күчүк, мышыктар<br>Аппак болуп калыптыр.<br>Тоголондук топтой,<br>Тоңобуз деп коркпой.<br>Чоңдор тез-тез басышат.<br>Алар кайда шашышат?<br>Жыгылабыз дешет го,<br>Жылгаяктан качышат. | **Жаады кар**<br>*Ш. Дүйшеев*<br><br>Кебез сымал апаппак<br>Кар калың жаап салыптыр.<br>Карасаңар кызыктай,<br>Кара күчүк, мышыктар<br>Аппак болуп калыптыр.<br>Тоголондук топтой,<br>Тоңобуз деп коркпой.<br>Чоңдор тез-тез басышат.<br>Алар кайда шашышат?<br>Жыгылабыз дешет го,<br>Жылгаяктан качышат. |

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Принтэкспресс, 2013

**2-вариант**

«Тоскоолдуктары» менен ырды окуу.

*Б. Асаналиев*

**Ай**[1]

Ай жаркырайт асманда,
Куду алтын чарадай.
Карап турду Өмүрбек,
Кызыгуусу тарабай.

Алтын чара асманда
Аста жылып баратты.
Балдар түндө коркот – деп,
Жарык нурун таратты.

Өчүп, жанып жылдыздар,
Өздөрүнчө ойноду.
Аларды Өмүр: «Чоң Айдын
балдары» – деп ойлоду.

**3-вариант**

«Тоскоолдуктары» менен ырды окуу

*А. Кыдыров*

**Баарыбыздын майрамыбыз**[2]

8-Март майрам,
Бизге дагы шат майрам.
Байчечекей табабыз,
Апабызга капкайдан.
Текке кетпейт камыбыз,
Жыргайт чалкып жаныбыз.
Апамдыкы – деп коюп,
Майрамдайбыз баарыбыз

**4-вариант**

«Тоскоолдуктары» менен ырды окуу

*Ж. Абдылдаев*

**Кар тилеген каргалар**[3]

«Каак» этип каргалар
Кар жааса дейт.
Жер бетинде кара түс
Калбаса дейт.
Кара түстү каргалар
Жаман дейби?
Кар көп жааса агарып
Калам дейби?

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Принтэкспресс, 2013
[2] Ошол эле жерде.
[3] Ошол эле жерде.

**5-вариант**

Тамганы таап, ырды окуу

*Ж. Абдылдаев*

**Музыка**[1]

езел чип м иң кайрып
улбу , торг й сайрашса,
(ан ж ыргат п шоокуму
одо ылд й дайра акса,
ул – звүнче музыка.

*Ы. Кадыров*

**Тилегим**[2]

Алты ыш илде үйле өн,
Ажы айдь биле ин.
Мен а үйр энүп өп т лди,
Тилм ч бо у тил гим.

Башк элд н ди ин т шүнгөн,
Дипл мат олсо дей м.
Дүйн дө к нча э бол о,
Дост штур п кой сом ейм.

**6-вариант**

Сызыктар менен бир бөлүгү жабылган сөздү туура таап, ырды окуу

*Жолдошбай кызы Бермет*

**Жоогазын**[3]

Жаратыл ш жапжаш п,
Көңүлү дү көтөрөт
Жаз езгилде ай ана
оздукка б өнөт.
Жоогазын ар жад рап,
Баары гиз гүл птүр.
Сулу лук бер н тоолор ,
А лананн үрдөптү .
Таазим кылып ий илип,
Жыт ап көрдү акырын.
К ндай кос гүлдөр деп,
Жакшы рдум баарысын.

---

[1] «Адабий окуу» 2-класс (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.) – Б.: Принтэкспресс, 2013
[2] Ошол эле жерде.
[3] Ошол эле жерде.

| Аталышы | МУУНДАРДЫН ТАБЛИЦАСЫ |
|---|---|
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• муундарды шар жана туура окуусу;<br>• муундарды сөздөргө бириктирүүсү. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 1–2 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Муундардын жана сөздөрдүн таблицасы |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жупта иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **«Титр» ыкмасы**<br>**1-кадам.** Окуучуларга муундардын таблицасын таратып, саптын же катардын үстүнө ак баракты же сызгычты коюп, кинотасманын титрлери сыяктуу төмөн карай жылдырып, окуу сунушталат. Окуучу баракты же сызгычты өз мүмкүнчүлүгүнө жараша жылдырат, өтө жай же өтө тез жылдырганга болбойт.<br>**2-кадам.** Эгерде окуучу ката кетирсе же аттап кетсе, мугалим дароо токтотпостон, катардагы муундар же сөздөрдү окуп бүткөндөн кийин кайрадан кайтып, дагы бир ирет окуусун өтүнөт. Эгер окуучу өтө көп ката кетирсе же аттап кетсе, баракчаны/сызгычты жай жылдыруу сунушталат. Ал эми окуучу кыйналбай шар окуса, баракчаны/сызгычты тезирек жалдыруу зарыл.<br>**3-кадам.** Мугалим окуучулардан муундарды горизонтал боюнча окууну өтүнөт. Жаңылмачтарды окуган сыяктуу тез, так, бир дем менен окуу керек.<br>Ишти жуптарда уюштурса болот: бир окуучу окуйт, экинчиси баракты жылдырып, шеригинин туура окуганын көзөмөлдөйт. |
| **Үлгү** | |

**1-үлгү**

**Муундардын таблицасы – А**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТА | ТО | ТЭ | ТУ | ТҮ | ТӨ | ТЫ | ТИ |
| БА | БО | БЭ | БУ | БҮ | БӨ | БЫ | БИ |
| КА | КО | КЭ | КУ | КҮ | КӨ | КЫ | КИ |
| СА | СО | СЭ | СУ | СҮ | СӨ | СЫ | СИ |
| ЖА | ЖО | ЖЭ | ЖУ | ЖҮ | ЖӨ | ЖЫ | ЖИ |
| МА | МО | МЭ | МУ | МҮ | МӨ | МЫ | МИ |
| НА | НО | НЭ | НУ | НҮ | НӨ | НЫ | НИ |
| ДА | ДО | ДЭ | ДУ | ДҮ | ДӨ | ДЫ | ДИ |
| ЗА | ЗО | ЗЭ | ЗУ | ЗҮ | ЗӨ | ЗЫ | ЗИ |
| ГА | ГО | ГЭ | ГУ | ГҮ | ГӨ | ГЫ | ГИ |

**Муундардын жана сөздөрдүн таблицасы – Б**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ат | бак | жан | чай | тарт | барк | жылт | жанч |
| от | жак | тан | май | карт | жарк | кылт | кенч |
| ут | так | кан | тай | март | бөрк | сулп | былч |
| эт | сак | нан | сай | шарт | карк | калп | курч |
| өт | бек | таш | сүй | тарт | көрк | жалп | мурч |
| Ит | кек | жаш | жай | журт | корк | балп | мерч |
| Ач | жок | баш | шай | шерт | кырк | булт | карч |
| Эч | жек | каш | бай | жорт | чырк | култ | бурч |
| уч | ток | маш | кой | курт | шарк | селт | калч |
| ок | тек | кош | чой | сүрт | парк | мелт | балч |

**Сөздөрдүн таблицасы – В**

| | | | |
|---|---|---|---|
| БАЛА | ТУРНА | БУРАНА | БАЛАЛУУ |
| САКА | КУРМА | ЧӨМӨЛӨ | ЖАРАЛУУ |
| КАРА | ЖАРМА | КАЛАМА | КААДАЛУУ |
| ТОРУ | СУРМА | КАРАПА | САНААЛУУ |
| БУЛА | ПАРТА | МАШИНЕ | ЖАБЫЛУУ |
| КУЛА | КАРТА | МУЗЫКА | ЗАРЫГУУ |
| ЖАПА | ТОРЧО | ЖАРАКА | ЖАГЫНУУ |
| ТАКА | ГҮЛЧӨ | КУРАМА | КӨРҮНҮҮ |
| ЖАКА | МОНЧО | БЕРЕКЕ | САБЫРДУУ |
| БАКА | ЖОРГО | ЖАРАША | КАДЫРЛУУ |
| БӨЛӨ | ТАСМА | МАЛИНА | БИЛИМДҮҮ |
| КАПА | ТОСМО | ЗАЛАКА | КӨҢҮЛДҮҮ |

| Аталышы | ШУЛЬТЕ ТАБЛИЦАЛАРЫ |
|---|---|
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• тексттен көп сөздөрдү көрө билүүсү;<br>• окуу ылдамдыгын жогорулатуусу.<br>*Эскертүү*. **Шульте таблицасы** – бул торчолоруна сандар иретсиз жайгаштырылган таблица. Шульте таблицасынын эң бир таркаган түрү (же Shultz tables) – бул квадраттык таблица болуп эсептелет. Анда 5 катар жана 5 сап болуп, 1ден 25ке чейинки сандар иретсиз жайгаштырылат. Мындай таблица төмөнкү сүрөттө көрсөтүлгөн.<br>Шульте таблицалары менен иштөөнүн мааниси бардык сандарды, же таблицада жайгашкан башка объекттерди ортодо жайгашкан сандан көздү албай туруп, ырааты менен тез табуу болуп саналат.<br>Бул көнүгүүлөрдү аткаруунун методикасы тексттин көрүнүп турган бирдиктеринин санын жогорулатып, окуу ылдамдыгын тездетүүгө багытталган. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 3–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Шульте таблицалары (үлгүлөрдү караңыз) |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече |
| **Аткаруу тартиби** | Окуу ылдамдыгын дээрлик жогорулатуу үчүн ичтен санап, 1ден 25ке чейин сандарды өсүү ирети боюнча табуу керек. Сандар көз менен гана табылып, белгиленет. Бирок сандарды издөөнүн өзгөчөлүгү бар. Көнүгүүнү туура аткаруу, бардык сандарды тез табуу жана перифериялык көрүүнү машыктыруу үчүн таблицанын так ортосундагы уячаны кароо зарыл.<br>**1-кадам.** Мугалим окуучуларга Шульте таблицаларын таратып, төмөнкү тапшырмаларды аткарууну өтүнөт: таблицанын ортосунан көздү албай туруп, таблицаны толугу менен көрүү. Таблицанын ортосунан көздү албай туруп, 1ден 25ке чейинки сандарды өсүү иретинде табуу. |

А-үлгүсү. Шульте таблицасы

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 16 | 19 | 10 | 6 |
| 7 | 21 | 3 | 15 | 24 |
| 11 | 23 | 1 | 18 | 22 |
| 14 | 17 | 8 | 20 | 13 |
| 5 | 9 | 4 | 25 | 12 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 13 | 2 | 15 | 22 |
| 1 | 4 | 19 | 21 | 17 |
| 8 | 11 | 3 | 18 | 16 |
| 12 | 9 | 5 | 7 | 23 |
| 25 | 14 | 20 | 24 | 10 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 15 | 6 | 16 | 9 | 14 |
| 1 | 8 | 20 | 24 | 2 |
| 18 | 22 | 10 | 21 | 12 |
| 17 | 11 | 23 | 5 | 25 |
| 7 | 4 | 13 | 19 | 3 |


| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 20 | 2 | 16 | 9 | 18 |
| 12 | 24 | 17 | 14 | 1 |
| 19 | 21 | 10 | 15 | 5 |
| 22 | 4 | 8 | 3 | 23 |
| 25 | 13 | 7 | 6 | 11 |

Б-үлгүсү. Шульте таблицасы

**2-кадам.** Перифериялык көрүүнү жакшыртуу, тексттин чоңураак бөлүгүн көрүү жана окуу ылдамдыгын жогорулатуу үчүн Шульте таблицаларын татаалдатуу.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 49 | 64 | 13 | 48 | 21 | 16 | 28 |
| 24 | 52 | 38 | 25 | 56 | 34 | 57 | 63 |
| 32 | 10 | 60 | 4 | 7 | 44 | 3 | 11 |
| 37 | 43 | 18 | 31 | 53 | 61 | 39 | 30 |
| 27 | 23 | 1 | 45 | 47 | 22 | 42 | 35 |
| 19 | 40 | 51 | 15 | 59 | 26 | 58 | 50 |
| 14 | 46 | 54 | 33 | 41 | 2 | 55 | 17 |
| 5 | 8 | 12 | 36 | 20 | 62 | 29 | 6 |

В-үлгүсү. Шульте таблицасы



| Аталышы | «СӨЗ ПИРАМИДАСЫ» |
|---|---|
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• көрүү мейкиндигин кеңейтүүсү (тексттин көбүрөөк компоненттерин көрүүсү);<br>• окуу ылдамдыгын жогорулатуусу. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 2–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Пирамида формасында жайгаштырылган сөздөр менен карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жупта, топто иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | Көрүү мейкиндиги – бул окуучу текстти караганда көрүп кабыл алган тексттин бөлүгү. Көрүү мейкиндигинин чакандыгы – көпчүлүк окурмандын кемчилиги болуп саналат. Балдардын көрүү мейкиндиги чакан болгондуктан, текстти караганда алар көңүлүн айрым тамгаларга же муундарга бурушат. 1–3 тамганы гана эмес, сөздү толугу менен же бир нече сөздү көрүүсү үчүн көрүү мейкиндигин кеңейтүү зарыл.<br><br>**1-кадам.** Мугалим ар бир окуучуга пирамида формасында жайгаштырылган сөздөр менен карточкаларды таратып, тапшырманы түшүндүрөт: карточканын ортосундагы бир чекитти, көздү кыймылдатпай туруп сөздүн эки муунун бир көрүү зарыл. Окуучулар ушундай тартипте саптардын бардыгын өйдөдөн ылдый, көздөрүн кыймылдатпай көрүп окуулары зарыл.<br><br>**2-кадам.** Эгер окуучулар үчүн бул тапшырма оор болсо, сөздү муундары боюнча окуса болот, андан соң, көздү бир чекиттен албай туруп сөздү толугу менен көрсө болот. |

**Үлгү**

**1-пирамида**

м | а
н | у
л | и
к | о
с | э

ал | ма
ой | мо
ба | ла
аа | ры
та | ка

**2-пирамида**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | А | | | |
| | | В | И | Г | | |
| | Э | | Р | | С | |
| | Я | | К | | Б | |
| | К | | О | | Е | |
| | Х | | У | | Ц | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | А | | | | |
| | | | В | И | Г | | | |
| | | Э | | Р | | С | | |
| | Я | | | К | | | Б | |
| | К | | | О | | | У | |
| | Х | | | У | | | Д | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | А | | | | |
| | | | В | И | Г | | | |
| | | Э | | Р | | С | | |
| | Я | | | К | | | Б | |
| К | | | | О | | | | Е |
| | | | | У | | | | |

**3-пирамида**

ДЕП * ТЕР
МЕР * ГЕН
ЖАМ * ГЫР
ЖАЙ * ЛОО
ЖАҤ * ГАК
АРС * ТАҤ
КУН * ДУЗ
ТҮН * ДҮК
ЖОЛ * БОРС

БА * ЛА
ЧА * НА
ЖА * КА
ЧА * КА
АР * ПА
БУ * ЛА
АЛ * МА
КО * ЁН
ИЙ * НЕ
АР * ЧА
БА * КА

**4-пирамида**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| жар | | суу | | тоо | |
| бас | | кар | | боо | |
| кур | | туу | | бор | |
| сур | ма | баа | лар | жоо | лор |
| кар | | кур | | тор | |
| шаш | | шар | | зоо | |

**5-пирамида**


| | | |
|---|---|---|
| ак | ба | бил |
| лак | бала | билим |
| улак | балык | билгич |
| кулак | балдай | билүү |
| | бармак | билген |

**6-пирамида**

| | | |
|---|---|---|
| ал | апа | бак |
| алп | жарк | тарт |
| арык | класс | калак |
| шоссе | жүрөк | баштык |
| карагай | араба | жапырт |
| жалбырак | карагат | алмурут |
| жаркыраган | салтанат | кызыктуу |
| кыжырлануу | жарганат | мекендештер |
| кубанычтуу | жарыялаган | боорукерлик |

**7-пирамида**

Мен баратам.
Мен ойногону баратам.
Мен көчөгө ойногону баратам.
Мен көчөгө досторум менен ойногону баратам.
Мен көчөгө менин досторум менен ойногону баратам.
Мен көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.
Мен кечинде көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.
Мен кечке маал көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.
Мен кечки салкын маалда көчөгө менин эң жакшы досторум менен ойногону баратам.

| Аталышы | «СЛАЛОМ» |
|---|---|
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• көрүү мейкиндигин кеңейтүүсү;<br>• ылдам жана шар окуусу. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 1–2 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Слалом жолунун сүрөтү<br>Окуучулардын окурмандык деңгээлине ылайык тексттер |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече, жуптарда, топтордо иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **1-вариант**<br>**1-кадам.** Мугалим окуучулардан слалом спорту жөнүндө эмне билишерин сурайт.<br><br>*Окуучуларга тапшырма:* 20 секунддун ичинде тоодон түшүп жаткан слалом спортчусу сыяктуу көз жүгүртүп, берилген сөздү китептин бетинен табуу зарыл.<br>Окуучулар бул тапшырманы аткарган соң, мугалим тапшырманын аткарылышын баалоо үчүн бир нече суроо берет:<br>– Кайсы сөздөр текстте көп кездешти?<br>– «_______» сөздү канча жолу кездештирдиңер?<br>– Бул текст эмне жөнүндө деп ойлойсуңар?<br>– Башкы каарман ким экен?<br>– Башкы каарман менен эмне окуя болду? |


**2-вариант**

Столдун үстүндө окуучулардын санынан 3 эсе көп тексттер жайгаштырылат. Тексттерден мугалим айткан сүйлөмдү табуу тапшырмасы берилет. «Баштадык!» буйругу менен ар бир окуучу бир текст алып, берилген сүйлөмдү табууга аракет кылат. Тексттин мазмуну боюнча суроолор берилбейт. Бул көнүгүү оюн формасында өткөрүлүп, көрүү мейкиндигин кеңейтүүгө жардам берет.

**3-вариант. Сөздөрдү санайбыз**

Окуу учурунда окуучулар максималдык тездик менен сөздөрдү санашат жана ошол эле учурда суроолорго жоопторду издешет. 1-класстар үчүн суроолор 3төн, 2-класстарда 4төн, 3–4-класстарда 5тен көп болбошу керек. Көнүгүүнүн максаты: окуучулардын угуу аппаратын үзгүлтүксүз жумуш менен, б. а. сөздөрдү саноо менен жүктөө керек. Окуучулар текстти «ичтен окуу» мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат, тактап айтканда, көз жүгүртүү менен гана окууга үйрөнүшөт.

**Үлгү**



| Аталышы | ТЕЗ ОКУУ |
|---|---|
| **Күтүлгөн натыйжалар** | Окуучулардын<br>• тез жана бир калыпта окуусу;<br>• тыныш белгилерине көңүл буруп окуусу;<br>• интонацияны, логикалык басымдарды жана тынымдарды туура коюулары. |
| **Модуль** | Шар окуу |
| **Класс** | 2–4 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү каражаттар** | Окуучулардын окурмандык деңгээлине ылайык тексттер |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Фронталдык |
| **Аткаруу тартиби** | Үн чыгарып окууга караганда ичтен окуганда ылдамдык дайыма жогору болот.<br>**1-вариант. Ызылдак окуу**<br>Көнүгүү жамааттык түрдө өткөрүлөт (жекече эмес), бир эле учурда бардык окуучулар үнүн бир аз чыгарып окушат (ар бири өзүнүн темпине жараша).<br>Көп ирет окууда окуучулардын окуу ылдамдыгы ар түрдүү экендигин эске алуу керек. Ошондуктан баарына бирдей текст берүүгө болбойт, эң жакшысы, бирдей окуу убактына басым кылуу туура болот.<br>**1-кадам.** Мугалим  текстти көркөм, жакшы темпте окуп, окуучулардын тексттин мазмунун түшүнүүсүн текшерет.<br>**2-кадам.** Мугалим окуучуларга текстти окуганды чогуу баштап, бир мүнөт окууну сунуштайт. Бир мүнөттөн кийин ар бир окуучу кайсы сөздө токтогонун белгилейт.<br>**3-кадам.** Андан кийин окуучулар тексттин ушул эле үзүндүсүн кайталап окушат. Ар бир окуучу бир мүнөттө кайсы сөзгө чейин окуп жетишкендигин кайра белгилеп, биринчи окугандагы натыйжасы менен салыштырат. Бул ыкма окуу ылдамдыгынын канча сөзгө көбөйгөнүн көрсөтөт.<br>**2-вариант. Жаңылмачтын темпинде окуу**<br>Бул көнүгүү окуучунун кептик аппаратын өнүктүрөт.<br>Мугалим окуучуларга тааныш текстти жаңылмач айткандай темп менен окууну сунуштайт. Окуу учурунда сөздөрдүн мүчөлөрүн так окууга көңүл буруу талап кылынат. Көнүгүү 30 секунддан ашпоого тийиш.<br>«Ө» тамгасын билбесең –<br>«Төрт» дебей «торт» демексиң,<br>«Көрк» дебей «корк» демексиң.<br>«Төө» кубулуп, «тоо» болмок,<br>«Жөө» жайнаган  «жоо» болмок.<br>«Ү» тамгасын билбесең –<br>«Үй» мөөрөгөн «уй» болмок.<br>«Күй» деген сөз «куй» болмок. |

«Түр» деген сөз «тур» болмок,
Көп сөздөн кыргыз кур болмок.

«Ң» тамгасы жок болсо –
«Чың» дебей «чын» демекпиз,
«Миң» дебей «мин» демекпиз,
«Мең» дебей «мен» демекпиз.
«Кең» дебей «кен» демекпиз.
Кыскасы, кыргыз тилинде,
Тамгабыз жок керексиз.

### 3-вариант. Тексттин тааныш эмес бөлүгүнө өтүү менен көркөм окуу

Окуучулар тексттин бөлүгүн, мисалы, башындагы 2–4 абзацты бир нече жолу окушат. Мугалим тексттин ушул бөлүгүн көркөм окуу зарыл экендигин түшүндүрөт. Ушуга байланыштуу текст бир нече жолу окулат да, бул бөлүктү окуучулар шар окуй башташат. Андан ары мугалим окуучулардан текстти башынан баштап окулган бөлүктү гана көркөм окубастан, окуу темпин сактап, тексттин бейтааныш бөлүгүн да толук окуп чыгууну сунуштайт (Окуучулар окуу темпин тексттин бейтааныш бөлүгүн окууда дагы сактоого аракет кылгандыктан окуу ылдамдыгы жогорулайт). Андан ары мугалим окуучулардын окуганын түшүнүүсүн текшерет.

### 4-вариант. «Чагылган»

Бул көнүгүүнүн максаты ичтен окуу менен үн чыгарып окууну кезектештирүү аркылуу окуу ылдамдыгын жогорулатууну көздөйт.

Мугалим окуу эрежелерин түшүндүрөт.

Мугалимдин «Баштадык!» деген белгиси боюнча окуучулар өзүнө ыңгайлуу темпте текстти ичтен окуй башташат. «Чагылган!» белгиси боюнча окуучулар жогорку ылдамдык менен үн чыгарып окууга өтүшөт. Үн чыгарып окуу көнүгүү жаңы киргизилип баштаганда 20 секунда, кийинчерээк 2 мүнөткө чейин улантылуусу мүмкүн.

### 5-вариант. «Буксир»

Мугалим окуучулардын окуу ылдамдыгынын чегинде окуу ылдамдыгын өзгөртүү менен текстти окуйт. Окуучулар ошол эле текстти мугалимден артта калбоого аракет кылып, ичтен окушат. Текшерүүнү капысынан кайсы бир сөзгө жеткенде токтой калып, аны кайталоо менен жүргүзүүгө болот. Окуучулар кайсы сөздө токтогонун көрсөтүүгө тийиш.

Мугалим окуучулардын биринен окуу ылдамдыгын төмөндөтпөстөн, улантып окуусун өтүнөт.

Бул көнүгүү ылдамдыкты жана ийкемдүүлүктү (мазмунга жараша окуу ылдамдыгын өзгөртүү жөндөмүн) өнүктүрүү үчүн киргизилет.

**6-вариант. «Салыштыр»**

Үйгө берилген жана бейтааныш текстти окуу (тааныш жана бейтааныш текстти окуу ылдамдыгын салыштыруу). Окуучулар окуу ылдамдыгын белгилеп каттоо үчүн атайын дептер ачышат. Ал дептерге окуучулар үйгө берилген жана бейтааныш текстти окуу ылдамдыгын жумасына бир жолу белгилеп турушат. Учурдагы жетишкендиктерин бир жумадан же бир айдан кийинки жетишкендиктери менен салыштыруу зарыл. Бул көнүгүү окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн жандандырат, анткени алар жетишкендиктеринин жогорулашын көрүп, эмгектенүү ийгиликтерге алып келерине ишенишет.

**7-вариант. «Шаты»**

Мугалим китептен 2–3 сапты тандап, үн чыгарып окуп берет, бейтааныш сөздөрдүн маанилерин түшүндүрөт. Андан кийин окуучулар окушат. Секундомердин жардамы менен окуучулар текстти канча убакытта окуй алаарын ченейт. Текст бир нече (3–4) жолу кайра окулуп, ар сайын секундомер менен убакыт ченелет. Окуу ылдамдыгын мүмкүн болушунча эң жогорку деңгээлге жеткирүү керек.

**Үлгү**



| Аталышы | ОКУРМАН ТЕАТРЫ |
|---|---|
| Күтүлгөн натыйжалар | Окуучулардын<br>• көркөм окуусу;<br>• окуган чыгарманын негизинде чакан спектакль коюусу. |
| Модуль | Шар окуу |
| Класс | 1–4 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда |
| Керектүү каражаттар | Жандуу кеп, диалогдорго бай текст |
| Окутууну уюштуруу формасы | Топтордо иштөө |
| Аткаруу тартиби | «Окурман театры» үчүн текст окуу китебинен, хрестоматиядан, класстан тышкаркы окуу боюнча көркөм китептерден же журнал-гезиттерден тандалып алынса болот. Окуучулар өзүлөрү ойлоп тапкан текст да болушу мүмкүн. Тексттин татаал жерлерин алып салса да болот.<br><br>**1-вариант**<br><br>Мурунку сабакта окуучулар текст менен таанышышкан. Бейтааныш, жаңы сөздөрдүн маанилерин талдап, түшүнүшкөн. Чыгарманын маанисин талкуулашкан.<br><br>**1-кадам.** Бул көнүгүүнү өткөрүү үчүн окуучулар сабакка чейин берилген үзүндүнү шар, туура жана көркөм окууну практикалоо максатында чыгарманы бир нече жолу окуп чыгуулары зарыл (текстти жаттоо талап кылынбайт). Сабактын башында окуучулар окулуучу чыгармадан каалаган ролдорду тандап алышат. Каармандардын аттарын кагазга жазып бейджик жасап, төштөрүнө скотч менен жабыштырып алышса болот.<br><br>**2-кадам.** Баары даяр болгондон кийин, окуучулар тегерете отурушат же досканын жанына чыгышат.<br><br>Окуучуларга жалпы классташтарынын алдында көркөм окуу учурунда текстти гана карай бербестен, өз ара байланышта болуу үчүн аудитория менен дагы байланыш түзүү зарыл экендиги түшүндүрүлөт. Окуп жатканда окуучулар ишенимдүү жана үндөрүн жетиштүү деңгээлде катуу чыгаруулары зарыл. Чыгарманын мазмунун эмоционалдык түрдө берүү үчүн окуу мимика, жесттер, кыймыл-аракеттер менен да коштолуусу тийиш.<br><br>Чыгарманы окуу учурунда хордук окуу, жуптарда окуу, ырларды аткаруу, каармандардын кыймыл-аракеттерин көрсөтүү менен да коштоо мүмкүн.<br><br>**3-кадам.** «Окурман театры» көнүгүүсүн жыйынтыктоодо текстти көркөм окуунун окуганын түшүнүү үчүн маанилүү экендигин мугалим окуучуларга дагы бир ирет эске салуусу зарыл. |

**2-вариант**

Мугалим жалпы класска чыгарманы (мисалы, ыр же чакан аңгеме) көркөм окуп берет.

Андан соң окуучуларды чакан топторго бөлүп, ар бир окуучуга текст берет. Текст менен таанышып, окуучулардын ар бири өзүнө роль тандайт жана окуй турган саптарды же сүйлөмдөрдү белгилеп алат.

Текст менен таанышууга, тандаган ролуна тиешелүү үзүндүнү көркөм окууга машыгуу үчүн бир нече мүнөт берилет.

Чакан топтордо иштегенден кийин мугалим ар бир топко бөлүнгөн текстти өз ара көркөм окуп берүүсүн өтүнөт.

**Үлгү**



# 7. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. *Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.,* «Адабий окуу» 2-класс. – Б.: Принтэкспресс, 2013.
2. *Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.,* «Адабий окуу» 3-класс, – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014.
3. Адабий окууну 2-класста окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б.: Полиграфбумресурсы, 2013.
4. Адабий окууну 3-класста окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014.
5. Адабий окууну 4-класста окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (Абдухамидова Б. А., Рысбаев С. К., Ибраимова К.). – Б., 2015.
6. Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар // түзүүчүлөр: Токтомаметов А. Д., Абдухамидова Б. А., Тагаева Г. С., Баимбетова Н. К., USAID, «Бирге окуйбуз» долбоору. – Б., 2014.
7. Жалпы билим берүүчү мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт//түзүүчүлөр: Токтомаметов А. Д., Абдухамидова Б. А., Баимбетова Н. К. – Б., 2015.
8. «Кыргыз адабияты» (антология), Элдик балдар фольклору, IV том (түзүүчүлөр: Рысбаев С. К., Абдухамидова Б. А., Батыркулова А. Б.). – Б., 2012.
9. *Лемов Д.* Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2016.
10. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлгөн натыйжалар (Адабий окуу), 1–4-кл., USAID, «Сапаттуу билим» долбоору. – Б., 2012.
11. *Хамзина С. А., Низовская И. А., Фадеева Г. Н., Мааткеримова А. Д.* Оцениваем навыки чтения в начальных классах: методическое пособие. – Бишкек: Папирус Принт, 2016.